**БЕКИТИЛДИ**
**«Дос-Кредобанк» ААК Башкармасынын**
**2023-жылдын « ___ » _______ № ___ протоколу**

# «Дос-КредоБанк» ААКнын ЖЕКЕ ЖАКТАРДЫ КОМПЛЕКСТҮҮ БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМИ
**(Айкын оферта)**

**МАЗМУНУ**


1. **ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
2. **ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
3. **КАРДАРДЫ ТАЛАПТАГЫДАЙ ТЕКШЕРҮҮ ТАРТИБИ** *(Идентификациялоо/Аутентификациялоо жана Верификациялоо)* ............ 6
4. **АМАНАТТАР (ДЕПОЗИТТЕР) БОЮНЧА БАНКТЫК ЭСЕПТЕРДИ АЧУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
5. **ИНТЕРНЕТ/МОБИЛДИК БАНКИНГ КЫЗМАТЫН КӨРСӨТҮҮ** ............ 10
6. **«ЭЛКАРТ» /ВИЗА БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ** ............ 14
7. **ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ АЧУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ** ......**Ошибка! Закладка не определена.**
8. **БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖЕКЕ БАНКТЫК УЯЧАЛАРДА (СЕЙФТЕРДЕ) САКТОО** **Ошибка! Закладка не определена.**
9. **КЕЛИШИМДИН КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ ЖАНА КЕЛИШИМДИ БУЗУУ ТАРТИБИ** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
10. **ТАРАПТАРДЫН ЖООПКЕРЧИЛИГИ** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
11. **БИЛДИРҮҮЛӨР ЖАНА КАБАРЛАНДЫРУУЛАР** ............**Ошибка! Закладка не определена.**
12. **ФОРС-МАЖОР** ............ 32
13. **ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ ТАРТИБИ** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**
14. **ЖЕКЕ ЖАКТАРДЫ КОМПЛЕКСТҮҮ БАНКТЫК ТЕЙЛӨӨ ЖӨНҮНДӨ КЕЛИШИМДИН ТИРКЕМЕСИ** ............ **Ошибка! Закладка не определена.**


## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

1.1. Ушул https://www.dcb.kg// дареги боюнча сайтта жарыяланган «**Дос-Кредобанк»** ААКнын жеке жактарды комплекстүү банктык тейлөө жөнүндө келишим жана Кардар тарабынан тиешелүү түрдө толтурулган жана кол коюлган Банктык тейлөөгө арыз, жалпысынан Кардар менен «Дос-Кредобанк» ААК (мындан ары – «Банк») ортосунда ушул Келишимде каралган шарттарда түзүлгөн Жеке жактарды комплекстүү банктык тейлөө жөнүндө келишим – айкын оферта (мындан ары – Келишим) болуп саналат жана аны тараптар акцепт деп таанышат.

1.2. Келишим Банк жеке Кардардан тиешелүү түрдө толтурулган Банктык тейлөөгө арызды жана Банк белгилеген формалар боюнча, Кардар өз колу менен кол койгон Жеке жактын (резиденттин жана резидент эместин) анкетасын алган учурдан тартып Кардар өздүгүн күбөлөндүргөн документти көрсөткөндө жана Кардарды талаптагыдай текшерүү (КТТ) жол-жобосунан ийгиликтүү өткөндө түзүлдү деп

эсептелет. Келишим Банктын Мобилдик тиркемесин пайдаланып, Келишимдин шарттары менен макулдук аркылуу өз колу менен койгон кол тамганын аналогун – Кардардын электрондук кол тамгасын пайдалануу менен түзүлүшү мүмкүн.

1.3. Келишим Кардарга комплекстүү банктык тейлөөнү берүү шарттарын жана тартибин аныктайт.

Кардарды комплекстүү тейлөө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, ички ченемдик документтерге (мындан ары – ИЧД) жана Келишимге ылайык ишке ашырылат.

Комплекстүү тейлөөнүн алкагында Кардарга төмөндөгү кызматтардын түрлөрү көрсөтүлөт:

1) банктык карттарды чыгаруу, банктык карттардын эсептерин (мындан ары – «Карт эсептер») ачуу жана тейлөө;
2) банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептерди ачуу жана тейлөө (мындан ары - «Эсеп»);
3) жеке банктык уячаны (сейфти) ижарага берүү;
4) электрондук капчыкты ачуу жана тейлөө;
5) Интернет/Мобилдик банкинг аркылуу операцияларды жүргүзүү жана/же Эсептер, электрондук капчыктар жана Банктын башка продукттары боюнча маалымат алуу.

1.4. Кардар милдеттенет:

1) Банк көрсөткөн кызматтарды, Эсепти, электрондук капчыкты ишкердик ишти жүргүзүү максатында, ошондой эле террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) максаттарында пайдаланбоого.
2) Идентификациялык (жеке) маалыматтары, реквизиттери жана идентификациялоо жана верификациялоо үчүн берилген документтердеги маалыматтары, кабарландырууларды жөнөтүү үчүн маалыматтар өзгөргөн учурда бул тууралуу Банкка өз убагында маалымдоого.
3) ушул Келишимдин алкагында Банк талап кылган жана сураган маалыматты жана документтерди Банкка берүүгө.
4) Банктын талабы боюнча операцияны жүргүзүүнүн негиздерин ырастоо үчүн акча каражаттарынын чыккан булагын тастыктаган маалыматты жана документтерди берүүгө.

1.5. Банк укуктуу:

1.5.1. Келишимди түзбөөгө, Кардарларга банкты карттарды чыгарууну жана кайра чыгарууну ишке ашырбоого, Кардардын тапшырмасын аткарууга кабыл албоого, эгерде:

1) Кардардын же операциянын катышуучуларынын биринин маалыматтары аларга карата алардын террористтик жана экстремисттик ишке, жапырт кыргын салуучу куралды жайылтууга жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана башка мыйзамсыз иш-аракеттерге катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар болгон жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын тизмесинде көрсөтүлсө;
2) Кардар же операциянын катышуучуларынын бири ФАТФ сунуштамаларын сактабаган жана/же жеңилдетилген салыктык режим берген жана/же финансылык операцияларды жүргүзүүдө маалыматты толук ачыкка чыгарууну жана берүүнү карабаган, же ага карата эл аралык санкциялар күчүндө болгон жогорку тобокелдиктүү өлкөдө (мамлекет/аймак) катталса.

1.5.2. Интернет/Мобилдик банкинг каналдары аркылуу көрсөтүлүүчү кызматтардын курамын өзгөртүүгө жана кызмат көрсөтүүгө чектөөлөрдү белгилөөгө, анын ичинде, бирок чектелбестен, аларды көрсөтүүгө техникалык мүмкүнчүлүктөр жок болгондо, үчүнчү жактардын акча каражаттарына, Кардардын Аутентификациялык маалыматтарына жана/же кирүү кодуна жетүү мүмкүндүгүн шектенүүгө негиздер болгондо, Кардар аралык режиминде КТТ жол-жобосунан өткөндө, ошондой эле

террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу жол менен алынган кирешелерди легалдаштырууга каршы аракеттенүү максатындагы ИЧДда каралган учурларда,

1.5.3. Бул маалыматты Банктын операциялык залында жана http://www.dcb.kg расмий сайтында жайгаштырып, бир тараптуу тартипте Келишимге жана Эрежелерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө.

Кардар Келишимди өзгөртүүгө макул болбогон учурда Кардар Банк белгилеген формада Келишимди бузуу жөнүндө арызды берүү аркылуу бул тууралуу Банкка жазуу жүзүндө билдирип, Келишимди бузууга укуктуу. Банк Келишимдин жаңы шарттары күчүнө киргенге чейин Келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө кабарландырууну албаган учурда, Банк муну Кардардын Келишимдин өзгөрүүлөрүнө макулдугун билдирүүсү деп эсептейт.

1.5.4. Кардар ушул Келишимдин шарттарын аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда ушул Келишимди аткаруудан бир тараптуу тартипте баш тартууга.

1.5.5. ушул Келишимде, Кардар менен башка Келишимдерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте Кардар жана анын операциялары жөнүндө маалыматты үчүнчү жактарга (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына, финансылык чалгындоо органына, сотко, ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык органына, кредиттик бюрого, Кардардын мураскорлоруна (укук улантуучуларына)) берүүгө.

1.6. Банк көрсөтүлгөн өзгөртүүлөр колдонууга киргизилгенге чейин маалыматты кулактандыруулар стендинде, http://www.dcb.kg// расмий сайтында жайгаштыруу аркылуу өзгөрүүлөр жөнүндө Кардарга маалымдоого милдеттенет:

1.6.1 Тарифтерди 3 күндөн кеч эмес;

1.6.2 Келишимдерди, эрежелерди, кардарларды тейлөө тартибин, анын ичинде Банктын иштөө графигин жана кардарлардын документтерин кабыл алуу жана текшерүү шарттарын, 10 жумуш күнүнөн кеч эмес;

1.7. Келишимге кол койгонго чейин Кардар Келишимдин долбоору жана ага тиркелген бардык документтер менен 3 күн ичинде таанышууга укуктуу.

1.8. Банк менен Келишим түзгөн Кардар ушул Келишимде каралган бардык укуктарды жана милдеттенмелерди өзүнө алат.

1.9. Ушул Келишим аны күчүн жоготту деп тааныган же Банктын http://www.dcb.kg/ расмий сайтында жаңы Келишимди жарыялаган учурга чейин күчүндө болот.

1.10. Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана шарттарда электрондук кол тамганы пайдаланууга жол берилет.

1.11. Кардар төмөндөгүлөрдү тастыктайт:

1) Арызга кол койгон учурда ал ушул Келишимдин жоболору менен таанышты жана макул;
2) көрсөтүлүүчү кызматтарга Банктын Тарифтери менен толук таанышкан, аларды аткарууга жана http://www.dcb.kg// сайтында Банктын Тарифтеринин өзгөрүүлөрүн көзөмөлдөөгө милдеттенет;
3) ушул Келишимде каралган интернет/ мобилдик банкингди колдонуудагы коопсуздук талаптары менен таанышты жана сактоого милдеттенет.

## 2. ТЕРМИНДЕР ЖАНА АНЫКТАМАЛАР

**Кардарды аутентификациялоо** – бул авторизацияланган маалыматтардын негизинде берилген идентификатордун (PIN-код, логин ж.б.) аныктыгын текшерүү аркылуу Кардардын аныктыгын тактоо.

**Банк** – «Дос-Кредобанк» ААК.

**Банктык операция** – Кардардын тескөөсү боюнча Банк тарабынан жүргүзүлгөн ар кандай операция.

**Банкомат (ATM – Automated teller machine)** – нак акча каражаттарын берүү жана/же кабыл алуу, ишке ашырылган транзакциялар жөнүндө маалыматты алуу жана картты

колдонуу же башка аралыктан тейлөө инструменттери менен башка операцияларды аткарууга каралган аппараттык-программалык комплекс.

**Кардарды аутентификациялоо** – бул авторизацияланган маалыматтардын негизинде берилген идентификатордун (PIN-код, логин ж.б.) аныктыгын текшерүү аркылуу Кардардын аныктыгын тактоо.

**Биометрикалык маалыматтар** – Кардарды аутентификациялоо үчүн колдонулган, мобилдик телефон менен окулган жана иштелип чыккан манжанын изи/беттин идентификатору. Эгерде Кардардын мобилдик телефону мындай функционалды кармаса, ПИН-кодду опционалдык алмаштыруу болуп саналат.

**Байланышсыз төлөм** - маалыматтарды байланышсыз берүү технологияларын (NFC (Near field communication ж.б.) колдонуу менен аралыкта орнотулган жабдуу менен карттан же башка аралыктан тейлөө инструментинен жакын арада маалыматты окуу аркылуу жүзөгө ашырылуучу транзакция.

**Интернет банкинг** – Интернет аркылуу веб-браузерде Кардарга өзүнүн банктык эсебин аралыктан башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген аралыктан банктык тейлөө каналы.

**Мобилдик Банкинг** – Кардарга Интернет аркылуу мобилдик тиркемеде Банктын продукттарына жана кызматтарына жетүү, өзүнүн банктык эсебин аралыктан башкаруу мүмкүнчүлүгүн берген аралыктан банктык тейлөө каналы.

**Система** – Кардарларга аралыктан банктык тейлөө кызматтарын көрсөтүүнү камсыздаган программалык-техникалык комплекси.

**Арыз** – эсеп, аманат/депозит, банктык карт ачууга жана Интернет банкинг системасын кошууга арыз, ал кагаз түрүндө да, аралык каналдары аркылуу электрондук суроо-талап түрүндө да таризделиши мүмкүн.

**Колдонуучунун аты (Логин)** – системада Кардарды аутентификациялоо үчүн колдонулган, алфавиттик символдордун уникалдуу ырааттуулугу. Алгач колдонуучунун аты (Логин) Интернет банкинг системасына кошууда Банк тарабынан түзүлөт, кийин Кардар тарабынан өзгөртүлүшү мүмкүн.

**Бир жолку сан түрүндөгү пароль (OneTimePassword, OTP-код)** – Кардарды кошумча аутентификациялоо үчүн СМС-билдирүү аркылуу Кардардын мобилдик телефонуна жөнөтүлгөн цифралардын уникалдуу ырааттуулугу.

**Пароль (Password)** – Системада Кардарды аутентификациялоо үчүн колдонулган символдордун уникалдуу ырааттуулугу. Пароль көп жолу колдонулат жана Банк тарабынан белгиленген колдонуу мөөнөтүнө ээ, ал аяктаганда Кардар Паролду өзгөртүүгө милдеттүү.

**ПИН-код (персоналдык идентификациялык номер)** – Мобилдик Банкинг сервисинде Кардарды аутентификациялоо үчүн колдонулган символдордун уникалдуу ырааттуулугу. Кардарды биринчи ийгиликтүү аутентификациялоодон кийин ПИН-код Логин менен Паролду алмаштырат.

**Алдын ала чыгарылган карт** - карттын бетинде Карт ээсинин аты-жөнүн көрсөтүүсүз жана 3 (үч) жылдан ашпаган мөөнөткө, ошондой эле эсептен пайдалануу мүмкүндүгү берилген, белгилүү бир кардар үчүн ачылган жана акча которууларды алуу, аралыкта орнотулган жабдуулар аркылуу каражаттарды нак алуу, соода түйүндөрүндө нак эмес төлөө аркылуу сатып алуулар үчүн төлөө, интернет аркылуу операцияларды террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча мыйзам талаптарына ылайык жүргүзүү үчүн каралган дароо чыгарылуучу карт.

**Кардардын буйруусу** – ушул Карттарда каралган банктык операцияларды жүргүзүүгө Банкка Кардардын көрсөтмөлөрүн камтыган электрондук төлөм документи.

**Эсеп** – Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн Келишимдин негизинде Кардарга ачылган банктык эсеп.

**Тарифтер** – Банк тарабынан белгиленген кызматтар тизмеги жана кызмат көрсөтүү үчүн алынуучу сый акынын (комиссиянын) өлчөмү.

**Убактылуу пароль** – Колдонуучу Пароль түзгөн учурга чейин Интернет-банкингге Колдонуучунун кирүүсү Банк тарабынан түзүлгөн символдордун ырааттуулугу. Логин

жана сертификат менен чогуу бир жолу берилет. Убактылуу паролдк Кардар Интернет-банкингге биринчи жолу киргенде милдеттүү түрдө алмаштыруу керек.

**Маалыматтык коопсуздук** – маалыматтык чөйрөдөгү коркунучтарга байланыштуу коопсуздук.

**«ЭЛКАРТ NFC» карты / «ЭЛКАРТ БАЙЛАНЫШСЫЗ» карты** – банк Карт ээсине анын банктагы жеке банктык эсебине берилген жана эсепке кирүү каражаты жана эсептеги каражаттарды башкаруу үчүн инструмент болуп саналган байланышсыз технологиялар (NFC) менен жабдылган микропроцессору (чип) менен ЭЛКАРТ төлөм системасынын банктык төлөм карты. Бул карт Кыргыз Республикасынын аймагында жана "Мир" ТС жана ТСӨ инфраструктурасында кабыл алынат.

**ТСӨ- Төлөм системалары**- Өнөктөштөр

**VISA карты** – эл аралык/жергиликтүү банктык төлөм карты, Карт операцияларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген маалыматты камтыган, электрондук терминалдар же башка түзүлүштөр аркылуу акча каражаттарына жетүү каражаты. Картты чет өлкөдө да, Кыргыз Республикасынын аймагында да колдонууга болот. Карт Банк тарабынан Кардарга пайдаланууга берилет жана Банктын менчиги болуп саналат. Карт анда көрсөтүлгөн айдын жана жылдын аягына чейин жарактуу.

**Жеке кабинет** – Кардар үчүн жекелештирилген Интернет/Мобилдик-банкинг сервиси, ал Кардарга ага асылган бардык эсептердин (кредит, депозит, ЭКТ, карттар ж.б.) абалы жана акча каражаттарынын кыймылы жөнүндө маалыматка жетүү, өтүнмөлөрдү жөнөтүү, тастыктоо жана тапшыруу мүмкүндүгүн берет, ошондой эле ички билдирүүлөр системасын, банктык операциялардын үлгүлөрүн түзүүнү, төлөмдөр тарыхын ж.б. камтыйт.

**Логин** – Интернет/Мобилдик-банкингге кирүү үчүн колдонулган Кардардын уникалдуу аталышы.

**Жумуш күнү** – Кыргыз Республикасында колдонулган дем алыш жана расмий майрам күндөрдөн тышкары, Банк тарабынан банктык операциялар жүргүзүлгөн убакыт аралыгы.

**Санкциялык тизмек** – аларга карата террористтик же экстремисттик ишке жана жапырт кыргын салуучу куралды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын тизмеги. Санкциялык тизмек финансылык чалгындоо органы тарабынан берилет жана төмөндөгүлөрдү камтыйт: Кыргыз Республикасынын жыйынтыкталган санкциялык тизмеги, БУУ Коопсуздук кеңешинин жыйынтыкталган санкциялык тизмеги жана аларга карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы жөнүндө маалымат бар адамдардын, топтордун, уюмдардын тизмеги.

**Токен (E-Token)** – USB-брелок түрүндөгү компакттуу түзүлүш, ал Кардарды – Интернет банкинг системасын колдонуучуну кошумча аутентификациялоо, электрондук кат алышууну коргоо, маалыматтык ресурстарга коопсуз аралыктан жетүү мүмкүндүгү, ошондой эле жеке маалыматтарды ишенимдүү сактоо үчүн кызмат кылат; ошондой эле "ачкыч" деп аталат жана Кардарга тиешелүү каттоо журналы аркылуу берилет.

**Пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли** – Кардардын Интернет/Мобилдик банкингде банктык продукттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээли, тиешелүү арыздардын жана Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн макулдашуулардын алкагында аны идентификациялоо статусуна жараша аныкталат.

**Кароо режиминде пайдалануу мүмкүнчүлүгү** – Кардардын реалдуу убакыт режиминде өзүнүн бардык эсептерин, алар боюнча калдыктарды жана кыймылды кароо укугу менен Интернет банкингде информативдик пайдалануу мүмкүнчүлүгү.

**Толук пайдалануу мүмкүнчүлүгү** - Кардардын өзүнүн бардык эсептерин кароо, банктык операцияларды түзүү (банктык операциялардын үлгүлөрүн) жана банктык операцияларды жүргүзүү укугу менен Интернет банкингде пайдалануу мүмкүнчүлүгү. Кардардын толук пайдалануу мүмкүнчүлүгүндө ал жүргүзгөн банктык операциялар бардык банктык операцияларга карата лимиттерди эске алуу менен жүргүзүлөт:

**Базалык лимиттер** – Кардарлар үчүн банктык операцияларды жүргүзүүгө Банк тарабынан белгиленген стандарттуу лимиттер. Лимиттер Кардардын эсебиндеги(-териндеги)

жеткиликтүү акча каражаттарынын чегинде бир жолку жана суткалык болушу мүмкүн, улуттук валютада гана белгиленет жана бардык валюталарга жана банктык операциялардын түрлөрүнө жайылтылат.

**Жеке лимиттер** – тиешелүү арыздын негизинде Кардар тарабынан аныкталган жана Банк менен макулдашылган банктык операцияларды жүргүзүүгө лимиттер.

**Электрондук капчык** – анда электрондук акча суммасы жана алардын ээлик кылуучуларга таандык экендиги жөнүндө маалымат камтылган программалык камсыздоо же башка программалык-техникалык жабдуу түрүндөгү электрондук акча сакталуучу жабдуу.

## 3. КАРДАРДЫ ТАЛАПТАГЫДАЙ ТЕКШЕРҮҮ ТАРТИБИ

*(Идентификациялоо/Аутентификациялоо жана Верификациялоо)*

3.1. Банк Кардар КТТ жол-жобосунан (идентификациялоо/аутентификациялоо жана верификациялоо) ийгиликтүү өткөндө гана Келишимдин алкагында кызмат көрсөтөт.

3.2. Ушул Келишимди түзүү үчүн Банктын кеңсесине биринчи жолу кайрылганда Кардар Жеке жактын анкетасын толтурат жана өздүгүн күбөлөндүргөн документти (мындан ары – ӨКД) жана башка документтерди берет, алардын тизмеги Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Банк тарабынан аныкталат жана алар менен Банктын www.dcb.kg расмий сайтынан таанышууга болот.

3.3. Келишимди түзүү үчүн Банкка аралык режиминде кайрылганда Кардар Банктын Мобилдик тиркемеси аркылуу фото/видеобайланыш менен идентификациялоодон жана верификациялоодон өтөт.

3.3.1. Видеобайланыш сеансы аркылуу аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо Кыргыз Республикасынын жарандарына гана жайылтылат.

3.3.2. КТТ жол-жобосунан фото/видеобайланыш аркылуу аралык режиминде өткөн Кардарлардын тобокелдик деңгээли жогору болгон юридикалык жана жеке жактардын (коммерциялык эмес жана кайрымдуулук уюмдары; коомдук кызмат адамдарына тиешеси бар адамдар; жогорку тобокелдиктүү өлкөлөрдө катталган адамдар ж.б.) пайдасына төлөмдөрүнө жана которууларына тыюу салынат.

3.3.3. Операция мурда жүргүзүлгөн төлөмдү кайтарууга байланыштуу жүргүзүлгөн учурлардан тышкары (мисалы, товардан же кызматтан баш тартууга байланыштуу), фото/видеобайланыш аркылуу аралык режиминде КТТ өткөн Кардардын пайдасына юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин төлөмдөрүнө жана которууларына тыюу салынган.

3.3.4. КТТ жол-жобосунан фото/видеобайланыш аркылуу аралык режиминде өткөн Кардарлардын операция жүргүзүү шарттары жөнүндө маалымат Банктын расмий сайтында жана 1-тиркемеде жайгаштырылган.

3.4. Интернет/Мобилдик банкинг кызматынын алкагында Кардарды идентификациялоо жана аутентификациялоо Бир жолку паролду пайдалануу менен мобилдик телефон номери боюнча ишке ашырылат.

3.5. Банк мамлекеттик маалыматтык системаларды жана башка жеткиликтүү маалымат булактарын пайдалануу менен 5 жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөттө Кардарды верификациялоону жүргүзөт.

3.6. Банк Кардар берген документтердин жана маалыматтын, анын ичинде анын Жеке жактын анкетасындагы маалыматтын ишенимдүүлүгүнө шектенүүлөр жаралган учурда кардарды идентификациялоону/верификациялоону кайталап жүргүзүүгө укуктуу.

3.7. Паспорттук, дарек, байланыш (телефон номери, e-mail) маалыматтары, Анкетада камтылган маалыматтар, кабарландырууларды жөнөтүү үчүн маалыматтар өзгөргөн учурда Кардар өзгөрүүлөр болгон күндөн тартып **беш** жумуш күнүнөн кеч эмес жаңыртылган маалыматтарды жана документтерди берүүгө милдеттүү.

## 4. АМАНАТТАР (ДЕПОЗИТТЕР) БОЮНЧА БАНКТЫК ЭСЕПТЕРДИ АЧУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ

4.1. Келишимдин алкагында Кардар аманаттар/депозиттер боюнча банктык эсеп (мындан ары – Депозит эсеби) ачууга укуктуу.

4.2. Депозит эсептерт ишкердик ишти жүргүзүү менен байланышпаган максаттар үчүн арналган: аманаттар жана каражаттарды топтоо үчүн, ошондой эле төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү үчүн. Депозит эсептери пайыздык жана пайызсыз болушу мүмкүн жана талап боюнча төлөнүүчү эсеп жана мөөнөттүү аманат (депозит) эсеби болуп бөлүнөт.

4.3. Банк интернет/мобилдик банкинг аркылуу жөнөтүлгөн электрондук суроо-талаптын негизинде жана мурда же аралык режиминде (фото/видео идентификация) КТТдан (идентификациялоо жана верификациялоо) өткөн Кардарга жеке катышуусу жок депозит эсебин ача алат.

4.4. Интернет/мобилдик банкинг аралык каналдары аркылуу Депозит эсебин ачуу Кардардын атына гана жүргүзүлөт.

4.5. Банктын бөлүмдөрүндө мөөнөттүү аманатты (депозитти) ачууда басып чыгарылган жана тараптар кол койгон Банктын аманат келишими түзүлөт.

4.6. Интернет/мобилдик банкинг системасын пайдалануу менен электрондук документ формасында түзүлгөн жана электрондук кол тамга менен кол коюлган келишим жарактуу деп эсептелет жана ага карата ушул Келишимдин 4-бөлүмүндө көрсөтүлгөн бардык шарттар колдонулат.

4.7. Келишимди түзүү учурунда Депозит эсеби болгондо мындай эсепти тейлөө боюнча Тараптар ортосундагы мамилелер Келишим менен жөнгө салынышы мүмкүн.

4.8. **<u>Талап боюнча төлөнүүчү депозит эсебин тейлөө</u>**

4.8.1. Талап боюнча төлөнүүчү депозит эсеби мультивалюталык болуп саналат, 5 валютада ачылат (сом, россия рубли, АКШ доллары, евро, казак тенгеси).

4.8.2. <u>Талап боюнча төлөнүүчү депозит эсеби боюнча операциялар</u>**:**

1) нак жана нак эмес жол менен эсепке түшкөн акча каражаттарын кабыл алуу жана чегерүү ;
2) товарларга жана кызматтарга төлөө;
3) эсептен тиешелүү сумманы которуу жана берүү жөнүндө Кардардын буйрууларын аткаруу.

4.8.3. Чет өлкө валютасындагы эсеп боюнча бардык төлөмдөр жана операциялар ал ачылган валютада жүргүзүлөт. Чет өлкө валютасында төлөмдөрдү жүргүзүүдө конвертация Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Банк тарабынан белгиленген курс боюнча жүргүзүлөт. Кардардын тапшырмасы боюнча конвертацияны жүргүзгөндөн кийин ал Банкка кандайдыр бир талаптарды жана доомattарды коё албайт.

4.8.4. Кардар ишкердик иш менен байланышпаган башка операцияларды жүргүзө алат. Мүмкүн болуучу түшүүлөрдүн жана төлөмдөрдүн тизмеги, ошондой эле эсептешүүлөрдүн жана Банк көрсөтүүчү кызматтардын формалары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдары менен аныкталат.

4.8.5. Келишимдин ушул бөлүмүн токтотуунун жана талап боюнча төлөнүүчү эсепти жабуунун негизи Кардардын Банк аныктаган форма боюнча кол коюлган, анын ичинде электрондук кол тамга менен кол коюлган арызы, ошондой эле Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген негиздер жана талаптар болуп саналат. Эсептеги акча каражаттарынын калдыгы кардарга берилет, же анын жазуу жүзүндөгү көрсөтмөсү боюнча беш жумуш күнүнөн кеч эмес башка эсепке чегерилет.

4.9. **<u>Интернет/ мобилдик банкинг аркылуу ачылган Мөөнөттүү аманат эсебин ачуу жана тейлөө.</u>**

4.9.1. Мөөнөттүү аманатты жайгаштыруу шарттары жөнүндө маалымат Банктын https://www.dcb.kg расмий сайтындагы тиешелүү бөлүмдөрдө жана ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган Келишимдин 3-тиркемесинде жайгаштырылган.

4.9.2. Мөөнөттүү аманаттын шарттары (мөөнөттүү аманаттын түрү, суммасы, валютасы, мөөнөтү жана номиналдык пайыздык чени) Интернет/Мобилдик банкинг системасынын тиешелүү баракчаларында аманатты ачууда сунушталган мөөнөттүү аманаттын жалпы шарттарынын ичинен Кардар тарабынан тандалат жана андан ары Депозит боюнча маалыматта көрсөтүлөт.

4.9.3. Дем алыш/майрам күндөрү мөөнөттүү аманат ачкан учурда ал кийинки жумуш күнү кабыл алынды деп эсептелет.

4.9.4. Эгерде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык Мөөнөттүү аманат келишими боюнча алынган пайыздардын суммасынан салык алуу каралса, Банк төлөнүүчү пайыздардын суммасынан салыктарды кармайт.

4.9.5. Ушул бөлүмдө каралбаган, мөөнөттүү аманат бөлүгүндө Келишимдин башка шарттары бул колдонулган бөлүгүндө Мөөнөттүү аманатты жайгаштыруунун жалпы шарттары (Келишимдин 3-тиркемеси) менен жөнгө салынат.

4.10. Кардар улуттук валютаны коргоо боюнча Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын жоболоруна жана талаптарына, ошондой эле өкмөттүн иш-аракеттерине же буйруктарына, же Кардардын тапшырмасы боюнча анын аймагында операциялар жүргүзүлө турган чет мамлекеттин мыйзам актыларына байланыштуу жоболорго ылайык аткарылган операцияларга байланыштуу Банкка дооматтарды коё албайт. Мындай учурларда Кардар ар кандай келип чыккан кесепеттер үчүн өз алынча жоопкерчилик тартат.

4.11. Тиешелүү түрдө тариздешкен жана кол коюлган которуу жөнүндө арыз/суроо-талап, Банк тарабынан алынган жана тууралыгы текшерилген төлөм тапшырмасы банк-корреспонденттер тармагы аркылуу Банк тарабынан аткарылат. Банк кардар менен макулдашуу боюнча анын эсебинде тургандан айырмаланган башка валюталарда каражаттарды которууну аткара алат.

4.12. **<u>Тараптардын милдеттери жана укуктары</u>**

**<u>Кардар милдеттүү:</u>**

4.12.1. Банктын суроо-талабы боюнча акча каражаттарынын келип чыгышын тастыктаган кошумча документтерди берүүгө (келишимдер/контракттар, эсептерден көчүрмөлөр, мурастоо укугун тастыктаган документтер ж.б.). Банк эгерде банктык эсепти ачуу, кардарды идентификациялоо жана верификациялоо, эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн керектүү тиешелүү документтер берилбесе, же туура эмес документтер берилсе, Кардарга банктык эсепти ачуудан же банктык эсеп боюнча операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу.

4.12.2. Эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү үчүн Банкка операция жүргүзүлгөн күнү Банкта күчүндө болгон тарифтерге ылайык комиссиялык сый акыны төлөөгө.

4.12.3. 200 000.00 (эки жүз миң сом 00 тыйын) сомдон жогору эквиваленттүү суммада Эсеп боюнча чыгаша нак акча операцияларын жүргүзүүдө бир жумуш күнү мурун Банкка маалымдоого.

4.12.4. Жаңылыш чегерилген сумманы мындай жаңылыш чегерүүнү аныктаган күндөн тартып же Банк тиешелүү кабарландырган күндөн тартып 3 (үч) банктык күн ичинде кайтарып берүүгө.

4.12.5. Мөөнөттүү аманат эсебин ачкан күнү ага Банкта ачылган депозит эсебине ушул Келишимдин 4.9.2-пунктуна ылайык тандалган суммада акча каражаттарын чегерүүгө.

**<u>Банк милдеттүү:</u>**

4.12.6. Эсептеги каражаттардын толук сакталышын камсыздоого.

4.12.7. Эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө сырды сактоого жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда гана ал боюнча маалыматтарды берүүгө.

4.12.8. Ушул Келишимдин 3-тиркемесине ылайык Мөөнөттүү аманат эсебине пайыздарды чегерүүгө жана төлөөгө.

4.12.9. Келишимдин колдонуу мөөнөтү аяктаганда Аманатчыга каражаттарды кайтарууга. Эгерде Келишимдин аяктоо мөөнөтү жумуш эмес күнгө туш келсе, аманатты жана пайыздарды төлөө андан кийинки биринчи жумуш күнү жүргүзүлөт.

4.12.10. Келишимдин колдонуу мөөнөтүнүн чегинде Кардардын акча каражаттарын анын Эсебинде сактоого, Эсепке түшкөн сумманы кабыл алууга жана чегерүүгө, колдонуудагы мыйзамдарда, ИЧД жана Келишимде каралган шарттарды сактоо менен Эсептен акча каражаттарын чегерүү жөнүндө Кардардын буйрууларын аткарууга.

4.12.11. Кардардын биринчи талабы боюнча Эсеп боюнча көчүрмөлөрдү берүүгө.

4.12.12. Операциялык убакытта Кардардын төлөм документи түшкөндө Кардардын эсебинен акча каражаттарын төлөм документи түшкөн күнү алууга. Төлөм документи операциялык убакыттан кийин түшкөндө Кардардын Эсебинен акча каражаттарын кийинки жумуш күнүнөн кеч эмес алууга.

4.12.13. Кардар эсептешүү документтерин, өтүнмөлөрдү бергенге жана Кардардын эсептериндеги каражаттардын чегинде Кардардын эсептерден акча каражаттарын чегерүү жана/же нак түрдө берүү, ИЧД жана Келишимде каралган башка банктык операцияларды жүргүзүү жөнүндө тескөөлөрүн аткарууга.

4.12.14. Кардардын алдын ала өтүнмөсүнөн кийинки күнү, калган учурларда – Кардар Банкка кайрылган күнү талап боюнча төлөнүүчү эсептен 200 000,00 (эки жүз миң сом 00 тыйын) сомдон ашпаган суммада нак акча каражаттарын берүүгө.

**<u>Кардар укуктуу:</u>**

4.12.15. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында белгиленген тартипте Кардардын эсебинде турган каражаттардын чегинде, Эсепте турган акча каражаттарын тескөөгө.

4.12.16. Эсептин бар экендиги жөнүндө, жүргүзүлгөн төлөмдөр жөнүндө маалымкатты алууга байланыштуу суроо-талаптарды Банкка жөнөтүүгө, ошондой эле төлөмдү жүргүзүүнү тастыктаган документтер алуу үчүн кайрылууга. Маалымкаттар Кардарга Банкка кайрылгандан кийин кийинки операциялык күндөн кеч эмес берилет.

4.12.17. Операцияны жүргүзүүгө жарага Эсеп боюнча көчүрмөнү сураганга.

4.12.18. Колдонуудагы мыйзамдардын талаптарына ылайык түзүлгөн ишеним каттын негизинде башка жеке жакка (өкүлгө) Эсепте турган акча каражаттарын тескөө укугун берүүгө. Акча каражаттарын тескөө укугуна ишеним кат нотариалдык күбөлөндүрүлөт.

**<u>Банк укуктуу:</u>**

4.12.19. Банктын колдонуудагы тарифтерине бир тараптуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, кардарларды тейлөө тартибин, анын ичинде Банктын иштөө графигин жана Кардардын документтерин кабыл алуу жана текшерүү шарттарын өзгөртүүгө. Чыгаша операцияларын жүргүзүү учурунда андагы акча каражаттарынын жеткиликтүү калдыгынын чегинде Эсептен алууну жүргүзүүгө.

4.12.20. Эгерде Эсептеги каражаттардын калдыгы Банктын тарифтери менен белгиленген комиссияны алуу үчүн жетишсиз болсо, Кардардын тапшырмасын аткарбоого.

4.12.21. Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда Эсеп боюнча операцияларды токтотууга. Банк убактылуу, жагдайларды аныктаганга чейин жана тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча, колдонуудагы мыйзамдарга, ИЧД жана ушул Келишимге ылайык Кардардын эсептери боюнча операцияларды жүргүзбөөгө.

4.12.22. Сереп жүргүзүүгө, Банк сураган документтерди бербегенде операцияны токтотууга, Кардарга эсепти жапканга чейин бир календардык ай мурун Кардарга кабарлап, 12 ай ичинде иштебеген Кардардын эсебин бир тараптуу тартипте жабууга.

4.12.23. Эгерде Кардардын эсеби жабылса, үчүнчү жактардан нак формада түшкөн төлөмдөрдү кабыл албоого, ошондой эле үчүнчү жактардан нак эмес төлөмдөрдү эсепти жабуу жөнүндө белги менен кийинки күнү кайра кайтарууга.

4.12.24. Жаңылыш чегерилген акча каражаттарын Кардардын Эсебинен акцептсиз тартипте алууга жана Кардардын Эсеби боюнча жаңылыш жазууларга оңдоолорду киргизүүгө.

4.12.25. Туура эмес таризделген төлөм документ учурунда, ошондой эле төлөмдү жүргүзүү үчүн керектүү реквизиттер жок болгондо акча каражаттарын алууга Кардардын тапшырмасын аткарбоого.

## 5. ИНТЕРНЕТ/ /МОБИЛДИК БАНКИНГ КЫЗМАТТАРЫН КӨРСӨТҮҮ

5.1. Банк техникалык мүмкүнчүлүк жана программалык камсыздоо: Mozilla Firefox жана Google Chrome web-браузерлери болгондо Кардарга Интернет банкингди берет.

5.2. Банк Кардарга техникалык мүмкүнчүлүк жана Android OS жана iOS базасындагы түзүлүшү болгондо Мобилдик банкингди берет.

5.3. Интернет банкинг Кардар үчүн күнү-түнү жеткиликтүү, бирок банктык күнү саат 16-00дөн кийин жүргүзүлгөн операциялар боюнча эсептерди тейлөө кийинки операциялык күнү жүргүзүлөт.

5.4. Интернет/Мобилдик банкинг системасына кирүү статистикасы жана Интернет/Мобилдик банкинг системасында Кардар жүргүзгөн операциялар жөнүндө маалымат Банктын системасында автоматтык түрдө чагылдырылат жана сакталат. Мында Кардар Интернет/Мобилдик банкинг системасында жүргүзүлгөн банктык операциялар юридикалык жактан кагаздагы документтердин түп нускасынын негизиндеги түздөн-түз Банкта жүргүзүлгөн операцияларга теңдештириле турганын эстен чыгарбашы керек.

5.5. Интернет/Мобилдик-банкинг системасында көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө кабарландыруу бул тууралуу маалыматты жана бул кызматтарга колдонулган Банктын тарифтерин Банктын www.dcb.kg web-сайтында жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлөт.

5.6. **«Интернет Банкинг» системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгү:**

5.6.1. Кардарга Интернет-банкинг системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгү тиешелүү түрдө толтурулган жана Кардар кол койгон арыздын негизинде берилет. Интернет-банкингди пайдалануу мүмкүнчүлүгү Кардарга колдонуучулук логинди жана системага кирүү үчүн паролду берүү менен коштолот.

5.6.2. Интернет-банкинг программалык камсыздоосуна санкцияланбаган кирүү жана пайдалануу мүмкүндүгүнүнөн коопсуздукту сактоо үчүн логин, пароль боюнча Кардарды идентификациялоо жүргүзүлөт.

5.7. **«Мобилдик Банкинг» системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгү:**

5.7.1. «Мобилдик банкинг» системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн Кардар өзүнүн түзүлушүнө Банктын мобилдик тиркемесин орнотуу, Банк сураган маалыматтарды киргизүү жана ушул Келишимдин шарттарын кабыл алуу аркылуу аралыктан алат.

5.7.2. Мобилдик банкинг системасына санкцияланбаган кирүү жана пайдалануудан коопсуздукту сактоо үчүн логин, пароль же атайын кирүү коду боюнча, ошондой эле кардардын биометрикалык маалыматтарын пайдалануу менен Кардарды идентификациялоо жүргүзүлөт.

5.7.3. Кирүү коду жөнөкөй электрондук кол тамга болуп саналат жана жеке кол тамганын аналогу деп таанылат.

Мобилдик банкинг аркылуу Кардар жөнөткөн, кирүү коду менен кол коюлган жана Банк алган бардык электрондук документтер Кардардан чыккан анык, окшош жана бүтүн документтер болот жана юридикалык маанилүү иш-аракеттерди жүргүзүү үчүн негиз болуп саналат.

5.8. **Интернет/Мобилдик банкинг аркылуу жүргүзүлгөн операциялар:**

5.8.1. Кардардын пайдалануу мүмкүнчүлүгүнүн деңгээлине, аны идентификациялоо формасына жана кошулган кызматтарга жараша, Интернет/Мобилдик банкинг төмөндөгүлөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берет: операциялар:

1) Банкта болгон карт (off-line режиминде), эсептешүү эсептеринин, кредиттердин жана мөөнөттүү аманаттардын абалын реалдуу убакыт режиминде кароо;
2) Кардардын эсептеринен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү (банк ичиндеги которуулар, клиринг, гросс, Свифт);
3) нак эмес валюта менен конверсиялык операцияларды жүргүзүү;
4) Кардардын эсептеринен төлөмдөрдүн (банк ичиндеги которуулар, клиринг, гросс, Свифт, провайдер аркылуу төлөмдөр) үлгүлөрүн, анын ичинде автотөлөмдөрдү түзүү/корректировкалоо;
5) кредиттик эсептер боюнча маалыматты, кредит боюнча төлөө графигин кароо жана кредитти төлөө;
6) жана системада ишке ашырылган башка кызматтар.

5.8.2. Жогоруда көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси толук эмес жана Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында өзүнүн кароосу боюнча бул тизмекти толуктоого/ өзгөртүүгө укуктуу. Интернет-банкинг программалык камсыздоосунда көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесин өзгөртүү жөнүндө кабарландыруу бул тууралуу маалыматты жана бул кызматтарга карата колдонулган Банктын тарифтерин Банктын www.doscredobank.kg web-сайтында тиешелүү жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлөт.

5.8.3. Интернет-банкинг системасында операцияларды жүргүзүү үчүн Кардардын иш-аракеттеринин тартиби Колдонуучунун колдонмосунда берилген, ал Кардардын жеке кабинетинде жеткиликтүү же анын суроо-талабы боюнча берилет.

5.8.4. Мобилдик банкинг системасында операцияларды жүргүзүү үчүн Кардардын иш-аракеттеринин тартиби Мобилдик тиркеменин Кардарынын профилинде жайгаштырылган.

5.8.5. Электрондук төлөм документин жөнөтүүнү жана/же алууну ырастоо жүргүзүлгөн операция боюнча көчүрмөнү электрондук вариантта чагылдыруу аркылуу Интернет/Мобилдик банкинг системасынын иштөөсүнүн алкагында электрондук формада жүргүзүлөт.

5.8.6. Операция төмөндөгү учурларда жүргүзүлбөйт:

1) лимиттерден ашыруу жана ушул Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ИЧД каралган чектөөлөрдү бузуу;
2) операцияларды жүргүзүү жана Банктын комиссиясын төлөө үчүн Кардардын эсебинде каражаттардын жетишсиздиги;
3) төлөм жана/же башка реквизиттерди көрсөтүүдөгү ката;
4) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Банк талап кылган Кардардын / Колдонуучунун документтерин (реквизиттерин) бербөө же толук эмес комплектин берүү; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген операцияларды жүргүзүү.

5.9. **<u>Тараптардын милдеттери жана укуктары</u>.**

**<u>Өз ара милдеттер жана укуктар</u>:**

5.9.1. Ар бир тарап «Интернет/Мобилдик банкинг» системасында операцияларды жүргүзүүдө колдонулган өзүнүн техникалык жана программалык каражаттарын жеке эсебинен иштеген абалда кармоого милдеттүү.

5.9.2. Тараптар Интернет/Мобилдик банкинг системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн ишке ашырууга мүмкүндүк берген, колдонулган Интернет/Мобилдик банкинг

программалык камсыздоосунда жүзөгө ашырылган маалыматтарды коргоо ыкмаларын үчүнчү тарапка ачыкка чыгарбоого милдеттенет (колдонуудагы мыйзамдарда каралган учурлардан тышкары).

**Кардар милдеттүү:**

5.9.3. Жеке авторизациялоо параметрлери жөнүндө маалыматты: логинди, паролду, кирүү кодун жана код сөздү башка жактарга ачыкка чыгарбоого/бербөөгө. Аталган маалыматты башка адамдарга берүү аныкталган учурда, Банк Кардарды учурдагы каттоону жокко чыгарууга укуктуу жана ал жүргүзгөн операция үчүн жоопкерчилик тартпайт.

5.9.4. Банк убактылуу паролду бергенден кийин система сунуштаган коопсуздукту эске алуу менен, жеке каалоосу боюнча паролду дароо алмаштыруу

5.9.5. Банктын колдонуудагы тарифтерине ылайык Интернет/Мобилдик банкинг системасынын тейлөөсү үчүн төлөөгө.

5.9.6. Төмөндөгү учурларда Банкка токтоосуз маалымдоого:

1) санкцияланбаган пайдалануу мүмкүнчүлүгүн аныктаганда,
2) Интернет/Мобилдик банкинг системасы аркылуу Кардардын эсебин санкцияланбаган пайдалануу мүмкүнчүлүгүн шектенгенде.

5.9.7. Өз эсептеринин абалын үзгүлтүксүз контролдоого – айына бир жолудан кем эмес. Эгерде Кардар операцияны жүргүзгөндөн кийин кийинки жумуш күнүнөн кеч эмес анын эсебинен төлөмдөрдү жүргүзүүгө каршылык билдирбесе, Кардар анын эсеби боюнча жүргүзүлгөн бардык чыгыштоо операциялары менен макул экенин жана анын эсебинен жүргүзүлгөн бардык төлөмдөр санкцияланганын билдирет.

5.9.8. Төлөмдү жүргүзүү зарыл болгондо төлөмдү жүргүзүү үчүн жетиштүү акча суммасын жана Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык комиссиялык сый акыны камсыздоого.

5.9.9. Коопсуздук эрежелерин сактоого жана ар бир иштөө сеансынан кийин Интернет/Мобилдик банкинг системасы менен иштөө үчүн ачылган, Интернет менен кошулган бардык сессияларды жабууну камсыздоого.

5.9.10. Төлөмдү жүргүзүү зарыл болгондо Банктын колдонуудагы Тарифтерине ылайык төлөмдү жана комиссиялык сый акыны жүргүзүү үчүн жетиштүү акча суммасын камсыздоого.

5.9.11. Мобилдик тиркемени/электрондук капчыкты үчүнчү жактардын пайдалануусуна жол бербөөгө.

5.9.12. Колдонуучунун өзү жана аларга мобилдик тиркемеге/электрондук капчыкка тоскоолдуксуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүнүн жыйынтыгында үчүнчү жактар тарабынан келтирген зыянды толук көлөмдө ордун толтурууга.

**Банк милдеттүү:**

5.9.13. Кардарды ага эсепке алуу жазуусун (логин), убактылуу паролду жана сертификатты ыйгаруу менен Интернет-банкинг системасында каттоого.

5.9.14. Интернет/Мобилдик-банкинг системасында тейлөөдө пароль боюнча Кардарды авторизациялоону жана аныктыгын текшерүүнү камсыздоого.

5.9.15. Кардарга пайдалануу мүмкүнчүлүгүн токтотуп жана Интернет/Мобилдик-банкинг системасы тарабынан камсыздалган кызматтарды пайдаланууга тоскоол боло турган жүргүзүлүүчү техникалык иштер жөнүндө мындай маалыматты Банктын web-сайтында жайгаштырып, Кардарга маалымдоого.

5.9.16. Кардар ушул Келишимдин жана Банк менен Кардардын ортосунда түзүлгөн башка макулдашуулардын шарттарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын сактаган шартта Кардардын электрондук документтерин аткарууга.

5.9.17. Кардарга тааныштыруу максатында Интернет/Мобилдик-банкинг программалык камсыздоосунда Кардардын жеке кабинетинде Колдонуучунун колдонмосун жайгаштырууга.

5.9.18. Кардарга мындай маалыматты Банктын Операциялык залында же Банктын web-сайтында жайгаштыруу аркылуу Келишимдин, Эрежелердин жана Тарифтердин өзгөрүүлөрү жөнүндө маалымдоого.

5.9.19. Ушул келишимдин шарттарына жана Банктын Тарифтерине ылайык Интернет/Мобилдик-банкинг системаларын тейлөөнү камсыздоого.

**<u>Кардар укуктуу</u>:**

5.9.20. Интернет-банкинг системасы аркылуу Банк тарабынан берилген банктык операцияларды жүргүзүүгө.

5.9.21. Бyанктан ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди талаптагыдай аткарууну талап кылууга.

5.9.22. Паролду жана кирүү кодун алмаштыруу боюнча операцияларды жүргүзүүгө.

5.9.23. Анын эсебинде турган акча каражаттарын жеке же анын ыйгарым укуктуу адамдары аркылуу тескөөгө.

**<u>Банк укуктуу</u>:**

5.9.24. Бул маалыматты Банктын операциялык залында же Банктын сайтында жайгаштырып, Банктын Эрежелерин жана Тарифтерин бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө;

5.9.25. Интернет/Мобилдик Банкинг системасында операцияларды жүргүзүү учурунда көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Банктын сый акысынын суммасын Кардардын Банкта ачылган эсептеринен акцептсиз (Кардардын макулдугусуз) алууга, ошондой эле Кардардын эсептерине акча каражаттарын жаңылыш чегерүү факты аныкталган учурларда, жаңылыш чегерилген сумманы, Кардардын Банктын алдындагы карызынын суммасын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда эсептен алууга.

5.9.26. Кардар жүргүзүлүүчү операциянын реквизиттерин толук эмес (туура эмес) көрсөткөн, аны жүргүзүү мөөнөттөрүн бузган, жүргүзүлүүчү операция Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келбеген учурда, ошондой эле операцияны жүргүзүү үчүн жана/же жүргүзүлгөн операция үчүн Банктын сый акысын төлөө үчүн Кардардын эсебинде акча каражаттары жетишсиз болгон учурларда Кардарга Интернет/Мобилдик Банкинг системасында операцияларды жүргүзүүдөн баш тартууга.

5.9.27. Банктын пикиринде Интернет/Мобилдик Банкинг системасынын коопсуздук жол-жоболору бузулуп жаткан же бузуу аракеттери көрүлгөн учурларда Кардардын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бөгөттөөгө.

5.9.28. Зарыл болгон учурда Интернет-Банкинг системасы аркылуу Кардар жүргүзгөн банктык операцияларга суткалык лимитти, ошондой эле операцияга бир жолку лимитти Кардарга алдын ала кабарлоосуз азайтууга.

5.9.29. Системадагы үзгүлтүккө учуроолор учурунда операциялар боюнча жазууларга оңдоолорду киргизүүгө, ошондой эле Кардар жүргүзгөн операциялар жөнүндө маалыматты калыбына келтирүү үчүн бардык керектүү иш-аракеттерди жүргүзүүгө.

5.9.30. Эгерде мындай кайтаруу Кардар төлөгөн товарды же кызматты жеткирүүчү тарабынан жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарынын негизинде мүмкүн болбосо, Кардарга доомат боюнча сумманы кайтаруудан баш тартууга.

5.9.31. Бир IP даректен колдонуучунун туура эмес атын жана/же паролун киргизүүнүн 3 (үч) жана андан ашык аракетин (Банктын системалык ырастоолоруна жараша) коопсуздук системасын бузуу катары кароого, анын натыйжасында Кардардын Интернет/Мобилдик банкинг системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн бөгөттөөгө.

5.9.32. «Операциялык күндүн аягы» жол-жобосун өткөрүү, программалык камсыздоону алмаштыруу жана профилактикалык иштерди жүргүзүү үчүн Интернет/Мобилдик Банкинг системасынын ишин убактылуу токтотууга.

5.9.33. Банктын пикиринде, мындай чара Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында, Интернет-банкинг системасынын коопсуздугун камсыздоо үчүн зарыл болгон учурда, ошондой эле Кардар комиссиялык сый акыны төлөө максатында өз эсебине акча каражаттарын өз убагындса салбаган жана/же Кардардын Банктын алдында башка карызы болгон учурда Кардарга тиешелүү кабарлоосуз колдонуучунун пайдалануу мүмкүнчүлүгүн убактылуу же толук токтотууга жана/же Интернет/Мобилдик банкинг аркылуу банктык кызматтарды көрсөтүүнү бөгөттөөгө.

5.10. **<u>Кызматтарга төлөө тартиби</u>**

5.10.1. Кардарды Интернет/Мобилдик Банкинг системасына кошуу, Кардардын Интернет/Мобилдик Банкинг системасын пайдалануусу жана операцияларды жүргүзүү үчүн эгерде ушул Келишимде, Интернет/Мобилдик Банкинг системасынын шарттарында жана Тарифттик планда башкача каралбаса, Кардар Банкка тиешелүү операцияларды жүргүзүү (Банк тарабынан тиешелүү кызматты көрсөтүү) учурунда Банктын Тарифтерине ылайык Комиссия төлөйт.

5.10.2. Кардардын Интернет-Банкинг системасын пайдаланганы үчүн Кардар Банкка Банктын Тарифтеринде белгиленген өлчөмдө Интернет-Банкинг системасында абоненттик тейлөө үчүн ар айлык комиссия (абоненттик акы) төлөйт.

5.11. **<u>Өз ара аракеттенүү жана дооматтарды кароо тартиби</u>**

5.11.1. Банк төмөндө саналган жолдордун бири менен Кардарга кабарлайт/маалымдайт:

1) маалыматты Банктын расмий Сайтында жайгаштыруу аркылуу;
2) Кардар көрсөткөн мобилдик телефон номерине СМС-жөнөтмө аркылуу;
3) push-кабарлоо жөнөтүү аркылуу;
4) Кардардын телефонуна чалуу аркылуу;
5) Кардар көрсөткөн дарекке кат жөнөтүү аркылуу;
6) Кардар көрсөткөн электрондук дарекке электрондук кат жөнөтүү аркылуу.

5.11.2. Логинди жана паролду/кирүү кодун жоготкон, мобилдик телефонду жоготкон, Интернет/Мобилдик банкинг системасына санкцияланбаган кирүү жөнүндө шектенүүлөр жаралган учурда, Кардар жазуу жүзүндөгү, электрондук же оозеки формадагы тиешелүү арыз менен, же кардарларды тейлөө борборунун телефону: 8686, уюлдук операторлордун абоненттери үчүн: 8686 аркылуу Банкка токтоосуз кайрылууга милдеттүү. Банк бул арызды карайт жана Интернет/Мобилдик банкингди бөгөттөйт.

5.11.3. Кардардын бардык дооматтары (даттануулары) жана башка кайрылуулары Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларында жана Банктын Эрежелеринде каралган тартипте жана мөөнөттө каралат.

## 6. «ЭЛКАРТ» /ВИЗА БАНКТЫК ТӨЛӨМ КАРТТАРЫН ЧЫГАРУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ

6.1. **<u>Картты чыгаруу жана карт эсепти ачуу.</u>**

6.1.1. Банк Кардардын арызынын негизинде жана КТТ жол-жобосунан ийгиликтүү өтүүдө Кардардын атына талап боюнча төлөнүүчү депозит эсебин ачат, ал боюнча Кардардын Карты боюнча бардык операциялар чагылдырылат. Банк Кардарга Банктын Тарифтеринде белгиленген өлчөмдө акы үчүн анын карт операцияларын жүргүзүүсү үчүн Картты (магниттик же чип байланышсыз) чыгарат.

6.1.2. Карт Банктын менчиги болуп саналат, келишимдин шарттарына ылайык карттын Ээсине пайдаланууга берилет жана Карттын колдонуу мөөнөтү аяктаганда же кардардын депозит эсеби жабылганда Банк тарабынан бөгөттөлөт/алынат.

6.2. **Операция жүргүзүү шарттары**

6.2.1. Кыргыз Республикасынын аймагында акча каражаттарын алуу, товарларга жана кызматтарга төлөө менен байланыштуу карт операциялары кыргыз сому менен гана жүргүзүлөт. Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Элкарт карты боюнча нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүү жана нак акча каражаттарын алуу учурунда конвертация Мир ТС курсу боюнча жүргүзүлөт (операциялар байланышсыз карт аркылуу гана жүргүзүлөт). Кардар Мир ТС жана ТСӨ банктарынан картка акча каражаттарын которууну алган учурда акча каражаттары картка Мир ТС курсу боюнча түшөт, мында төлөмдү авторизациялоо жана иштеп чыгуу учурундагы курс айырмаланышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары Visa карты боюнча нак эмес төлөмдөрдү жүргүзүү жана нак акча каражаттарын алуу учурунда конвертация Visa ТС курсу боюнча жүргүзүлөт.

6.2.2. Эгерде Кардарда Карт операциясын жүргүзүү үчүн каражаттар жетишсиз болсо же операциянын суммасы Банк белгилеген лимиттен ашса, анда Банк операцияны жүргүзүүдөн баш тартат.

Банкоматты же мобилдик тиркемелерди пайдалануу менен Кардардын акча каражаттарын башка жеке жакка которууга байланыштуу карт операциялары Карт/Карттын реквизиттери аркылуу жүргүзүлөт. Мындай акча каражаттарын которуу Банктын ички ченемдик документтеринде жана тарифтеринде каралган тартипте жана шарттарда, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт. Мында Кардар ал жүргүзгөн акча каражаттарын которуу операциясы Банктын кеңсесинде жүргүзүлгөн ушул сыяктуу операцияга бирдей экенин тааныйт. Ошондой эле Кардар акча каражаттарын которууда төлөм реквизиттерин (алуучунун эсептери, которуу суммасы, төлөм валютасы ж.б.) туура көрсөтүү үчүн толук жоопкерчилик тарта турганын жана ал туура эмес төлөм жүргүзгөн учурда Банкка доомат коё албастыгын тааныйт.

6.2.3. Эгерде Кардарда Банктын комиссиясы боюнча учурдагы карызды же Банктын алдындагы башка карызды төлөө үчүн эсепте каражаттары жетишсиз болсо, анда Банк жетпеген сумманы Кардардын башка эсептеринен алат жана зарыл болгондо карызды төлөө учурунда Банк тарабынан белгиленген чет өлкө валютасын сатып алуу курсу боюнча валютаны конвертациялоону жүргүзөт.

6.2.4. Банктын Операциялык күнү аяктаганга чейин Кардар тарабынан жүргүзүлгөн карт операциялары ушул банк күнү жүргүзүлдү деп эсептелет, ал эми Банктын операциялык күнү аяктагандан кийин Кардар тарабынан жүргүзүлгөн операциялар кийинки банк күнү жүргүзүлдү деп эсептелет. Кардар Банктан алган эсеп боюнча көчүрмөлөрдө Банктын Операциялык күнү аяктагандан кийин жүргүзүлгөн операциялар операцияны жүргүзгөндөн кийин 5 банктык күн ичинде дата коюла турганына макул.

6.2.5. Карттар боюнча Банк тарабынан жүргүзүлгөн кызматтар үчүн сый акы Банктын белгиленген Тарифтери боюнча алынат.

6.3. **Картты берүү жана сактоо тартиби.**

6.3.1. Банк даярдалган Картты жана ПИН-конвертти Кардарга же Кардар берген ишеним каттын негизинде аракеттенген анын ишенимдүү адамына берет. Картты алганда Кардар Карттын арткы тарабындагы бул үчүн атайын каралган талаага кол коёт.

6.3.2. Картты башка адамдарга пайдаланууга же күрөө катары берүүгө тыюу салынат. Ыйгарым укугу жок адам тарабынан көрсөтүлгөн карт алып коюуга жатат.

6.3.3. Карттагы магниттик тилке, чип сыяктуу эле, карт жана анын ээси жөнүндө маалыматты камтыйт. Магниттик тилкедеги, чиптеги жазууну бузушу мүмкүн болгон жана Авторизациялоонун Автоматташтырылган режиминде Карт операцияларын жүргүзүүнүн мүмкүн эместигине алып келиши мүмкүн болгон жагымсыз факторлордун таасирине жол берилбейт: электр магниттик талаалардын (дисплей, магниттелген же магнит камтыган буюмдардын, мисалы, ачкычтын,

сумкалардагы магниттик кулпунун жанында), механикалык бузулуулардын (тытылуу, булгануу, ысып кетүү, мисалы, күн нуру менен) ж.б.

6.3.4. Картты футлярда же портмонеде сактоо, аны колдонууда ашыкча күч келтирбөө керек.

6.4. **PIN-код**

6.4.1. Картты бергенден кийин Ээсине **PIN-код** басылган маалыматтык ичмек бар атайын чапталган конверт берилет. Конвертти алганда дароо ачып, **PIN-кодду** эстеп калып жана ичмек менен конвертти жок кылуу керек.

6.4.2. **PIN-код** Банктын кызматкерлерине белгисиз жана Картты пайдалануунун бардык мезгилинде Карт ээси тарабынан жашыруун сакталышы керек.

6.4.3. Карт ээси банкомат аркылуу PIN-кодду алмаштыра алат.

6.4.4. **PIN-коддун** жашыруундуулугун камсыздоо үчүн белгилүү бир эрежелерди сактоо керек:

1) эгерде **PIN-код** Карт ээси тарабынан бир жерге жазылып коюлса, анда Кат менен жазууну өзүнчө сактоо керек;
2) электрондук түзүлүштүн клавиатурасында терилген **PIN-коддун** цифралар комбинациясын кимдир бирөөнүн көрүүсүнө жол бербөө.

6.4.5. **PIN-код**ду терүүдө электрондук түзүлүштөрдүн дисплейинде цифралар атайын күйгүзүлбөйт, шарттуу белги менен алмаштырылат. Терүүдө катага жол бербөө маанилүү. Эгерде үч жолу катары менен (каалаган убакыт аралыгы менен, бир же ар башка электрондук түзүлүштү пайдаланууда) туура эмес **PIN-код** терилсе, анда катары менен төртүнчү жолу катага жол берген учурда Банк Картты бөгөттөйт жана жагдайды аныктаганга чейин ал банкоматта кармалат же Тейлөө ишканасында же нак акча берүү пунктунда алынып коюлушу мүмкүн.

6.4.6. Авторизациялоонун Автоматташтырылган режиминде жүргүзүлгөн жана **PIN-код** терүү менен ырасталган карт операциялары Карт ээси тарабынан жүргүзүлдү деп эсептелет.

6.5. **Картты пайдалануу**

6.5.1. Карт операцияларын жүргүзүү үчүн Карт ээси өз алдынча тейлөө режиминде банкомат менен иш-аракеттерди жүргүзөт же тейлөө пунктунун (Ишкана же Банк) кассирине Картты көрсөтөт.

6.5.2. Кассир электрондук терминалдын жардамы менен Авторизациялоону жүргүзөт. Кассир Картты терминалдын окуган түзүлүшүнө салат, клавиатурада операциянын суммасын терет жана Карт ээсине атайын клавиатурада **PIN-кодду** терүү аркылуу операцияны ырастоону сунуштайт. Туура **PIN-кодду** терүүдө жана Карт ээсинин эсебинде акча жетиштүү болгондо операция жүргүзүүнү тастыктаган эки нускада чек басылып чыгат. Кассир Карт ээсине чектин бир нускасын тапшырат. Карт ээси чекте көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын текшерет. Колдонулган технологияга жараша басып чыгарылган чек Карт ээсинин жана кассирдин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт. Бул талап байланышсыз төлөмдөргө жана электрондук коммерция операцияларына жайылтылбайт.

6.5.3. Байланышсыз окуу аркылуу төлөмдү жүргүзгөн учурда Банк-эмитент тарабынан аныкталган суммага чейин PIN-кодду терүү талап кылынбайт, андан жогору - PIN-кодду терүү милдеттүү болот.

6.6. **Карт боюнча нак акчаны алуу:**

6.6.1. Банкоматтын жардамы менен нак акчаны алуу Карт ээси тарабынан өзүн өзү тейлөө режиминде жүргүзүлөт.

6.6.2. Карт операциясын аяктагандан жана банкоматтан банкнотту алгандан кийин чек басып чыгарылат. Карт ээсине тиешелүү маалыматтын купуялуулугуна байланыштуу басып чыгарылган чекти өзү менен ала кетүү жана эч качан аны банкоматтын жанында калтырбоо сунушталат.

6.6.3. Жарактуу Карт үчүн карт операциясы туура **PIN-кодду** терүүдө төмөндөгү себептерден улам четке кагылышы мүмкүн:

1) Сураган сумманы банкоматтын кассеталарында болбогон банкоматтар менен берүүгө болбойт. Бул банкоматтын дисплейиндеги нускамада көрсөтүлгөн банкоттун минималдуу номиналына эселенген сумманы сураш керек.
2) Сураган сумма Банк тарабынан белгиленген бир жолку берүү лимитинен ашат. Сураган сумманы бөлүктөргө бөлүү жана операцияны бир нече жолу кайталоо керек.
3) Сураган сумма Карт ээсине жеткиликтүү акча каражаттарынын суммасынан ашат.

6.6.4. Банкоматтар менен иштөөдө эгерде кайтарылган Карт же берилген банкноттор 5 секунда ичинде Карт ээси тарабынан берүү түзүлүшүнөн алынбаса, коргоо системасы иштейт жана Карт ээсинин акчасын сактоо максатында, Карт же банкноттор банкоматтын ичине тартылат жана атайын бөлүктө кармалат. Мындай учурда Картты анын Ээсине кайтаруу Картты кармоо себебин аныктагандан кийин гана бул банкоматты тейлеген банк тарабынан жүргүзүлүшү мүмкүн. Карт ээсинин эсебинен алынган Карт операциясынын суммасын (же анын алынган бөлүгүн) калыбына келтирүү кардар Банкка иликтөө жүргүзүү үчүн жазуу жүзүндө кайрылганда гана жүргүзүлүшү мүмкүн, ал банкоматтын разинкассациялоону, кассеталардагы нак акчаны кайра эсептөөнү жана жүргүзүлгөн транзакциялардын логдорун талдоону камтыйт. Эквайер тарабынан кароого кардардан финансылык дооматтарды кабыл алуу мөөнөтү 120 (жүз жыйырма) календардык күндү түзөт. Финансылык дооматтты кароо мөөнөтү Карт ээсинен арызды алган учурдан тартып 30 (отуз) жумуш күнүн түзөт.

Мында Карт ээсинен Банктын тарифтерине ылайык иликтөө жүргүзүү үчүн комиссия кармалышы мүмкүн.

6.6.5. Туура эмес **PIN-код** терүүдө же эгерде сураган сумма эсептеги акча калдыгынан ашса, банкоматтын дисплейинде тиешелүү билдирүү пайда болот жана операция четке кагылат.

Нак акча каражаттарын берүү пункттарында нак акча каражаттарын алуу:

6.6.6. Карт ээси Картты жана өздүгүн күбөлөндүргөн документти кассирге берет. Туура **PIN-кодду** тергенде жана Карт ээсинин эсебинде акча жетиштүү болгондо операцияны жүргүзүүнү тастыктаган эки нускада чек басылып чыгат. Кассир Карт ээсине чектин бир нускасын берет. Карт Ээси чекте көрсөтүлгөн маалыматтардын тууралыгын текшерет. Колдонулган технологияга жараша басып чыгарылган чек Карт ээсинин жана кассирдин кол тамгасы менен күбөлөндүрүлөт. Бул талап байланышсыз төлөмдөргө жана электрондук коммерция операцияларына жайылтылбайт.

6.6.7. Туура **PIN-кодду** терүү жана/же чектеги Карт ээсинин кол тамгасы Кардардын эсебинен Карт операциясынын суммасын алууга Карт ээсинин тапшырмасы болуп саналат.

6.6.8. Аралыкта орнотулган жабдуулар жана төлөм системасынын катышуучуларынын мобилдик тиркемелери аркылуу алдын ала чыгарылган карт аркылуу транзакцияларды жүргүзүү PIN-кодду, паролдорду же аутентификациялоонун башка ыкмаларын колдонуу менен жүзөгө ашырылат.

6.6.9. Кассир ушул Келишимдин 6.10-пунктунун шарттарына ылайык, жагдайларды аныктаганга чейин Картты кармоого укуктуу.

6.6.10. Башка банктардын нак акча каражаттарын берүү пункттарында кошумча комиссия алынышы мүмкүн, ал тууралуу башка банктын кызматкери операцияны жүргүзүүгө чейин маалымдашы керек.

6.6.11. Карт ээси нак акча каражаттарын берүү пункттарында жүргүзүлгөн операция менен макул болбогон учурда, операцияны жүргүзгөн күнү операцияны жокко чыгарууну талап кылуу керек. Мындай учурда операциянын өзү жана Банк алган бардык комиссиялар жокко чыгарылат.

6.6.12. Түзүлүштөрдө нак акча алуу үчүн комиссия Банктын бекитилген тарифтерине ылайык алынат.

6.7. **Товарларга жана тейлөө ишканаларынын кызматтарына төлөө үчүн Картты пайдалануу.**

6.7.1. Дебеттик карт боюнча карт операциялары Авторизациялоонун Автоматташтырылган режиминде гана жүргүзүлүшү мүмкүн. Карт операциясын жүргүзүү жол-жобосу жогоруда сүрөттөлгөн (6.6.6-п.). Авторизациялоону алуу учурунда кассир чекти тариздейт жана Карт ээси менен эсептешүүнү аяктайт.

6.7.2. Карт ээси Карт боюнча төлөнгөн сатып алууну кайтарып берүүгө же Карт боюнча алдын ала төлөнгөн кызматтан баш тартууга укуктуу, мисалы, сатып алган авиабилетти кайра тапшырууга. Бул үчүн Карт ээсинин талабы боюнча жана Тейлөө ишканасынын макулдугу менен кассир тарабынан операция (сатып алууну кайтаруу) жүргүзүлөт.

6.7.3. Сатып алууну кайтаруу Авторизациялоону жүргүзүүгө чейин же кийин жүргүзүлүшү мүмкүн.

1) Биринчи учурда операция аны тариздөөнү токтотуу аркылуу түздөн-түз Тейлөө ишканасында жокко чыгарылат.
2) Экинчи учурда Карт ээси кайтарым операциясын жүргүзүүнү талап кылат, анткени Авторизациялоодон кийин операция суммасы Карт ээсинин эсебинен алынат (эсептен алынат). Кайтарым операциясын жүргүзүү үчүн кассир POS-терминалда атайын чекти басып чыгаруу менен кайтарым операциясын жүргүзөт. Мында Карт операциясынын суммасы жана Банк алган бардык комиссия Банк БПБдан жүргүзүлгөн кайтарым операциясы жөнүндө маалыматтарды алгандан кийин кийинки банктык күн Карт ээсинин эсебинде калыбына келтирилет. Бул милдеттенмени Карт боюнча жеткиликтүү суммасы эсептөөдө эске алуу керек. Операцияны жокко чыгаруу бардык сумма карата гана жүргүзүлөт, операцияны жарым-жартылай жокко чыгаруу мүмкүн эмес.

6.7.4. Байланышсыз окуу аркылуу төлөмдү жүргүзгөн учурда Банк-эмитент тарабынан аныкталган суммага чейин PIN-кодду терүү талап кылынбайт, андан жогору - PIN-кодду терүү милдеттүү болот.

6.7.5. Кассир Картты көрсөткөн адамдан анын өздүгүн күбөлөндүргөн документти талап кылууга укуктуу. Документ жок болгондо кассир Картты көрсөткөн адамга карт операциясын жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу.

6.8. **Картты колдонуп Интернет аркылуу төлөө үчүн картты пайдалануу.**

6.8.1. Интернет-төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгү алдын ала бөгөттөлгөн жана Карт ээсинин суроо-талабы жана макулдугу боюнча гана берилет. Интернет-төлөмдөрдү жүргүзүүдө өз Картынын реквизиттерин көрсөткөн кызматтарга/товарларга төлөө үчүн сатуучу-фирманын ишенимдүүлүгүн (иштөө мөөнөтү, аброю, почта дарегинин болушу ж.б.) Кардар өз алдынча баалайт.

6.8.2. Эгерде Карт ээси Карттын маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу сатып алган товарга/кызматка төлөөнү кааласа, Карт ээси муну менен төмөндөгүлөргө өзүнүн толук жана шартсыз макулдугун тастыктайт:

1) Кардардын депозит эсеби операциясынын суммасына жана Банк жана/же товарды/кызматты сатуучу жана/же Төлөм системасы жана/же Карттын маалыматтарын (карт номери, анын аяктоо мөөнөтү, CVV код ж.б.) жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу Карт ээси тарабынан жүргүзүлгөн операциялар боюнча сатуучунун банкы тарабынан операциянын бул түрү үчүн колдонгон комиссиясынын суммасына дебеттелет.
2) Карт ээси операция Карт ээсинин өзү тарабынан эмес, Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө Карт ээси аларды пайдаланганына байланыштуу мындай маалыматтар белгилүү болгон үчүнчү жак тарабынан жүргүзүлсө дагы, Картты талаптагыдай эмес сактоодо, Картты үчүнчү жактар пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгондо, жыйынтыгында үчүнчү жак Карт ээсинин макулдугу жок Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берген карт жөнүндө жана/же Карт ээси жөнүндө маалыматтарга ээ болгон ар кандай учурларда, Карттын

маалыматтарын жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн болгон бардык операциялар үчүн толук жоопкерчилик тартат.

6.8.3. Карт ээси муну менен төмөндөгүлөргө байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө ала турганын ырастайт:

1) үчүнчү жактардын Карт ээси Картты пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө колдонгон Карттын маалыматтарын жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү;
2) Карттын маалыматтары жана/же Карт ээсинин маалыматтары ага белгилүү болгон үчүнчү жактын Интернет аркылуу ар кандай төлөмдөрдү жүргүзүүсү.

6.8.4. Карт ээси үчүнчү жактын Карттын маалыматтарын жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүсүнүн жыйынтыгында келип чыккан бардык мүмкүн болуучу жоготууларды, чыгашаларды, зыяндарды ж.б. өзүнө алат жана муну менен мындай учурларда Банкка доомат койбостугун же ага каршы кандайдыр бир доолорду бербестигин кепилдейт, анткени Банк Карт ээсине Картты жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө байланыштуу мүмкүн болуучу тобокелдиктер жөнүндө алдын ала жана толук көлөмдө маалымдаган.

Муну менен Карт ээси Карттын маалыматтарын жана/же Карт ээсинин маалыматтарын пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүнүн техникалык мүмкүнчүлүктөрүн берүүнүн демилгечиси өзү экенин, ошондой эле ал Банкты кандайдыр бир жоопкерчиликтен бошото турганын, ал эми Банк Карт ээси өзү, ошондой эле Карт ээси тарабынан ыйгарым укук берилген же ыйгарым укук берилбеген үчүнчү жак картты пайдалануу менен Интернет аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүдө Карт ээси үчүн жаралышы мүмкүн болгон ар кандай кесепеттер үчүн анын алдында эч кандай жоопкерчилик тартпай турганын тааныйт жана ырастайт.

6.9. **Картты блокировкалоо**

6.9.1. Картты жоготкон/уурдаткан учурда же карт маалыматтарын ачыкка чыгарууга шектенүүдө **токтоосуз** (+996 (312) 637696 телефону аркылуу «БПБ» ЖАК Call-борборуна, 8686 номери аркылуу «Дос-Кредобанк» ААКнын Call-борборуна (чалуу акысыз) же «Дос-Кредобанк» ААКнын бөлүмүнө картты блокировкалоо оозеки же жазуу жүзүндөгү талап менен кайрылуу керек.

Блокировкалоого билдирүү берилбеген Карт боюнча операциялар үчүн жоопкерчилик Кардарга жүктөлөт.

6.9.2. Талапта Кар ээсинин фамилиясы, аты жана атасынын аты жана мүмкүн болушунча кошумча маалымат: анын туулган күнү, код сөзү, Карттын номери жана колдонуу мөөнөтү, ошондой эле блокировкалоо себеби көрсөтүлөт. Байланыш үчүн маалыматтарды – даректи жана телефон номерин көрсөтүү керек.

6.9.3. Талап Карт ээсинен чыкты деп эсептелет жана Банк тарабынан Картты блокировкалоонун кесепеттери үчүн доомattar кабыл алынбайт.

6.9.4. Банк Карт ээси Картты сактоодо шалакылыкка жол берген же Картты блокировкалоодон кийин дагы **PIN-коддун** купуялуулугун сактабаган учурда, ошондой эле Карт ээсинин атайлап жасалган мыйзамсыз иш-аракеттерин аныктаган учурда анын жоопкерчилик чарасын аныктоого укуктуу.

6.9.5. Мурда жоголду деп билдирилген Картты тапканда Карт ээси бул тууралуу дароо Банкка маалымдоого, андан кийин картты Банкка кайтарып берүүгө тийиш.

Табылган Картты кайтарбаган учурда Карт ээси Картты кайтарбоого байланыштуу бардык тобокелдиктерди өзүнө алат жана Картты алып коюуга байланыштуу Банк тартышы мүмкүн болгон ар кандай чыгымдарды Банкка ордун толтурат.

6.9.6. **Банк пайда болгон талаштуу кырдаалдарды жөнгө салуу үчүн, Блокировкаланган күндөн тартып 10 банктык күн ичинде Карт ээсине андан ары оозеки/жазуу жүзүндө кабарлоо менен Картты блокировкалоого укуктуу.**

6.10. **Картты кармап калуу**

6.10.1. Картты Соода-тейлөө ишканасында (СТИ) же нак акча каражаттарын берүү пунктунда кармап калуу төмөндөгү учурларда жүргүзүлөт:

1) Карт блокировкаланган.
2) Картты көрсөткөн адам анын Ээси эмес.
3) Карт ээси картты Карт операциясын жүргүзүү ордунда аны жүргүзгөндөн кийин унутуп калган.

6.10.2. Картты кармап калуу банкомат, СТИ же нак акча каражаттарын берүү пунктунун кассири, Банктын кызматкери тарабынан жүргүзүлөт. Картты кармап калууда (аны банкомат кармап калган учурлардан тышкары) тиешелүү акт түзүлөт.

6.10.3. Картты кармоо себеби Карт ээси Банкка – оозеки (телефон аркылуу) же жазуу жүзүндө кайрылган күндөн кийинки банктык күндөн кеч эмес Банк тарабынан аныкталат.

6.10.4. Кармалган Картты кайтаруу Карт ээсинин жазуу жүзүндөгү арызы боюнча кармалган Картты Банкка жеткирүү учурунда Банк тиешелүү чечимди кабыл алгандан кийин Банк тарабынан түздөн-түз Карт ээсине жүргүзүлөт.

6.11. **Карттын колдонуу мөөнөтү, картты пайдаланууну токтото туруу жана токтотуу**

6.11.1. Картта анын колдонуу мөөнөтүнүн аяктоо күнү (ай жана жыл) көрсөтүлөт. Карт анда көрсөтүлгөн айдын жана жылдын акыркы күнүнүн аягына чейин жарактуу. Бардык мөөнөтү өтүп кеткен карттар блокирвокаланат жана Банкка тапшырылат.

6.11.2. Картты пайдалануудан баш тарткан учурда Ээси тиешелүү жазуу жүзүндөгү арыз менен Банкка кайрылууга жана Картты өткөрүп берүүгө милдеттүү.

6.12. **Картты алмаштыруу же жаңысын чыгаруу**

6.12.1. Картты алмаштыруу же жоголгондун, анын ичинде алдын ала чыгарылган карттын ордуна жаңы Картты чыгаруу Карт ээсинин Банкка берилген жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жүргүзүлөт.

6.12.2. Карт эгерде анын колдонуу мөөнөтү аяктаса, Карт бузулса, уурдалса, ошондой эле карт ээсинин каалоосу боюнча алмаштырылат.

6.12.3. Алмаштырылган Карт Банкка өткөрүлүп берилет.

6.13. **<u>Тараптардын милдеттери жана укуктары.</u>**

**<u>Кардар милдеттүү</u>:**

6.13.1. Ушул Келишимдин шарттарын жана Банк белгилеген нускамаларды сактоого.

6.13.2. Картты жана терминалдарды этият колдонууга жана Банктын мүлкүнө кандайдыр бир материалдык зыян келтирбөөгө.

6.13.3. Картты пайдалануу менен жүргүзүлгөн, **PIN-кодду** терүү менен күбөлөндүрүлгөн бардык карт операцияларын жана белгиленген лимитке чейин **PIN-кодсуз** операцияларды ишенимдүү жана анык деп таанууга.

6.13.4. Банктын Тарифтерине ылайык Банктын кызматтарына, ошондой эле Кардардын Картты пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү процессине катышкан башка банктардын кызматтарына төлөөгө.

6.13.5. Картты жоготкон же уурдаткан учурда, дароо ушул келишимде жана Банктын нускамаларында каралган тартипте оозеки же жазуу жүзүндө Картты блокировкалоо талабы менен Банкка кайрылууга.

6.13.6. Карттын сакталышын жана **PIN-коддун** жана башка карт маалыматтарынын купуялуулугун камсыздоого.

6.13.7. Картты үчүнчү жактардын пайдалануусуна бербөөгө.

6.13.8. Карт боюнча кызматтарды алууга байланыштуу Кардардын күнөөсү боюнча Банк тарткан ар кандай чыгашаларды же сот чыгашаларын шартсыз тартипте ордун толтурууга.

6.13.9. Банкка акцептсиз тартипте (Кардардын кошумча макулдугу жок) анын банктык эсебинен(теринен) Кардар Банкоматтан ашыкча алынган жана/же Кардар СТИ/АБПда орнотулган POS–терминал аркылуу товарларда жана кызматтарга

төлөөдө анын эсебинен кармалбай калган акча каражаттарын өндүрүп алуу укугун берүүгө.

6.13.10. Банкка акцептсиз тартипте (Кардардын кошумча макулдугу жок) анын банктык эсебинен(теринен) овердрафт жана ал боюнча чегерилген пайыздар боюнча учурдагы карызды, ошондой эле Банктын алдындагы башка карызды өндүрүп алуу укугун берүүгө.

6.13.11. Банктан ушул келишимди бузуу жөнүндө жазуу жүзүндө кабарландырууну алганда, Картты пайдаланууну токтотууга жана аталган кабарлардынуу күнүнөн тартып 3 (үч) банктык кун ичинде ушул Келишимдин алкагында ага чыгарылган бардык Карттарды Банкка кайтарып берүүгө.

__Банк милдеттүү__:

6.13.12. Кардардын арызынын жана жүргүзүлгөн төлөмдүн негизинде 7 (жети) банк күнүнөн ашпаган мөөнөттө Кардарга же Ишеним каттын негизинде Кардардын атынан аракеттенген адамга Картты жана **PIN-кодду** чыгарууга жана берүүгө.

6.13.13. Банкоматтардын, POS-терминалдардын жана карт операциялары боюнча кызмат көрсөтүү процессине катышкан, алардын үстүнөн Банк түз техникалык контролдоого ээ болгон башка электрондук түзүлүштөрдүн жана системалардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыздоого жана жогоруда аталган жабдуулар жана системалар Банктан көз каранды болбогон себептерден (байланыштын үзгүлтүккө учурашы, электр энергиясынын өчүп калышы, жабдуунун татаал бузуктугу, программалык камсыздоодогу олуттуу үзгүлтүккө учуроо ж.б.) улам токтоп калган учурда алардын ишин калыбына келтирүү үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүүгө.

6.13.14. Кыргыз Республикасынын аймагында турган Картты тейлөө ишканаларын Кардарларда – Карт ээлерине Ишкананын кызматтарына/товарларына Карт менен төлөөгө мүмкүн экендиги жөнүндө маалымдоо үчүн банк берген Карттын логотиби менен жабдууга.

6.13.15. Ушул Келишимдин шарттарына жана Банктын Тарифтерине ылайык Картты тейлөөнү камсыздоого.

6.13.16. Карт ээсине Карт ээсинин/эсеп ээсинин суроо-талабы боюнча Карт ээсинин/эсеп ээсинин депозит эсебиндеги каражаттардын жылышы жана калдыгы жөнүндө көчүрмөлөрдү берүүгө. Депозит эсебиндеги каражаттардын жылышы жана калдыгы жөнүндө көчүрмөлөрдү, кошумча көчүрмөлөрдү, ошондой эле Карт ээсинин транзакциялары жөнүндө маалыматты берүү мөөнөттөрү жана жолдору тиешелүү карт системасынын регламенти жана иштөө тартиби менен белгиленет.

__**Банк укуктуу:**__

6.13.17. Кардар жүргүзгөн, анын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары жүргүзүлгөн карт операциялары үчүн, карт операциясын жүргүзүү учурунда Кардардын эсебинен комиссиясынын суммасын алуу аркылуу, Кардардын кошумча макулдугу жок (акцептсиз тартипте) комиссияны, анын ичинде башка банктардын комиссияларын алууга.

6.13.18. Кардардын жазуу жүзүндөгү арызынын негизинде жана Банктын ички жол-жоболорунда белгиленген тартипте жүргүзүлгөн банкоматтагы акча каражаттарынын ревизиясы/кайра эсептөө аркылуу банкоматта ашыкча каражат аныкталбаган учурда Кардар банкоматта акча каражаттарын алгандагы кем чыгууга(лар) байланыштуу Кардардын дооматтарын канааттандыруудан баш тартууга.

6.13.19. Кардар тарабынан жүргүзүлгөн бир карт операциясынын суммасына, ошондой эле белгилүү бир мезгил ичинде жүргүзүлгөн бардык карт операцияларынын суммасына карата Картты пайдалануу менен Кардар тарабынан жүргүзүлүүчү операциялар боюнча жеке лимитти (чектөө) белгилөөгө.

6.13.20. Кардардын эсебинен жана/же Кардарга таандык Банктагы бардык эсептерден төмөндөгү сумманы акцептсиз тартипте (Кардардын кошумча макулдугу жок) өндүрүп алууга:

1) Банктын Тарифтерине ылайык картты чыгаруу жана тейлөө үчүн Банктын сый акысы;
2) Банктын Тарифтерине ылайык картты пайдалануу менен операцияларды жүргүзүү үчүн Банктын сый акысы;
3) нак акча каражаттарын берүү пункттарында Банкомат аркылуу нак акча каражаттарын алганда кардарга ашыкча жана/же жаңылыш төлөнгөн жана/же Кардар СТИде орнотулган POS-терминал аркылуу товарларга жана кызматтарга төлөгөндө анын эсебинен кармалбаган акча каражаттарын;
4) Кардардын Банктын алдындагы карызынын суммасын;
5) Кардардын күнөөсүнөн улам Банк тарткан ар кандай чыгашалар жана сот чыгашалары же Картты тейлөөгө байланыштуу башка чыгашалар.

6.13.21. Кардар же анын Ишенимдүү адамы ушул келишимдин шарттарын бузган учурда, ошондой эле ушул келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ченемдик укуктук актыларында каралган башка учурларда төлөм системасынын эрежелерине ылайык, андан ары аны Кардардан же анын Ишенимдүү адамынан алып коюу менен Картты блокировкалоого. Ошондой эле Кардар аны идентификациялоо максатында талап кылынган маалыматтарды же Банк сураган башка маалыматтарды бербеген учурда Картты жабууга, же Кардардын алдамчылык иш-аракеттерине, Карттын активдүү эместигине шектенүү учурунда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда Банктын демилгеси боюнча Картты жабууга.

6.13.22. Картты аны чыгаруу жана бир жылдык тейлөө үчүн сый акыны толук төлөгөнгө чейин чыгарбоого же аны чыгарган учурда Картты жокко чыгарууга жана Кардар Арызды берген күндөн тартып 6 (алты) календардык айдан ашык мөөнөттө картты алуу үчүн Банкка келбеген учурда аны чыгаруу жана бир жылдык тейлөө үчүн толук же жарым-жартылай төлөнгөн сый акыны Кардарга кайтарбоого.

6.13.23. Кыргыз Республикасында Кардар тарабынан жүргүзүлгөн карт операциясы боюнча Кардар аны жүргүзгөн күндөн тартып 120 (жүз жыйырма) календардык күн өткөндөн кийин берген дооматтарды кароого кабыл албоого.

6.13.24. Кардарга сатып алган товарлар жана кызматтар үчүн карт операцияларын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн берүү үчүн POS-терминалдарды орнотуу жана Банк эмитирлеген Картты тейлөө үчүн Кыргыз Республикасынын аймагында Ишканаларды өз алдынча аныктоого.

6.13.25. Өзүнүн каалоосу боюнча Кардарга же анын ишенимдүү адамына Картты чыгаруудан баш тартууга.

6.13.26. Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында кардардын иши боюнча кошумча маалыматты суроого.

6.13.27. Кардардын эсептери боюнча шектүү операцияларды аныктаган учурда 10 күн мурун милдеттүү түрдө кабарландыруу менен кардардын эсебин бир тараптуу тартипте жабууга.

6.13.28. FATCA мыйзамынын талаптарынын алкагында АКШнын салык резиденттери боюнча АКШнын салык органдарына маалымат берүүгө.

**Кардар укуктуу:**

6.13.29. анын Картында турган акча каражаттарын өз алдынча тескөөгө жана Картты ушул келишимдин шарттарына жана банктын нускамаларына ылайык пайдаланууга.

6.13.30. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык өзүнүн банктык эсебинен алуучунун эсебине (карттан картка, электрондук капчыкка) акча каражаттарын которууга;

6.13.31. интернет/ мобилдик банкинг аркылуу төлөмдөрдү жүргүзүүгө;
6.13.32. банктын кассасы, төлөм терминалдары, банкоматтар, акча которуулар системалары, интернет жана мобилдик банкинг жана электрондук капчыктар аркылуу картты толуктоого;
6.13.33. ушул Келишимде каралган тартипте Картты блокировкалоо жөнүндө жазуу жүзүндөгү/оозеки арыз менен Банкка кайрылууга.
6.13.34. Банкка ишенимдүү адамга кошумча Карт аркылуу анын эсебин тескөө укугун берүү жөнүндө тиешелүү арызды берип, өзүнүн эсеби боюнча Ишенимдүү адамга кошумча Картты тариздөө жана чыгаруу үчүн Банкка кайрылууга.
6.13.35. эсептик-кассалык тейлөө боюнча Банкка тапшырма берүүгө.
6.13.36. эсептин абалы жана болушу жөнүндө маалымкаттарды алууга.
6.13.37. көчүрмөлөрдүн жуп нускаларын, эсеп боюнча акча каражаттарынын болушу жана жылышы жөнүндө маалыматты суроого.

6.14. **Талаштарды жөнгө салуу**

6.14.1. Карт ээсине карт операциялары аркылуу акчаны сарптоону эсепке алуу жана мүмкүн болуучу талаштарды жөнгө салуу үчүн чектерди сактоо сунушталат.
6.14.2. Карт ээси Банктан карт операциялары боюнча акчаны алуунун тууралыгын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрүн талап кылууга укуктуу.
6.14.3. Бардык талаштар боюнча Карт ээси жазуу жүзүндөгү суроо-талап менен Банкка кайрылат, ал дооматты кабыл алган учурда БПБ же Төлөм системасынын алдында Кар ээсинин атынан чыгат.

## 7. ЭЛЕКТРОНДУК КАПЧЫКТЫ АЧУУ ЖАНА ТЕЙЛӨӨ

7.1. «Электрондук капчык» системасын пайдалануу мүмкүнчүлүгүн Кардар Банктын/Электрондук акча системасынын операторунун мобилдик тиркемесин орнотуу, Банк / Электрондук акча системасынын оператору сураган маалыматтарды киргизүү жана ушул Келишимге кошулуу аркылуу аралыктан алат.

7.2. Электрондук капчык системасын санкцияланбаган кирүүдөн жана пайдалануудан коопсуздукту сактоо үчүн телефон номери, ПИН коду жана атайын кирүү коду боюнча, ошондой эле кардардын биометрикалык маалыматтарын пайдалануу менен Кардарды идентификациялоо жүргүзүлөт.

7.2.1. Ушул бөлүм Кардардын Келишимде аныкталган шарттарда төмөндөгү максаттарда Электрондук капчык системасын пайдалануу шарттарын жана тартибин аныктайт:
1) Кардарга электрондук капчыкты берүү;
2) Электрондук капчыкты толуктоо;
3) Электрондук акчаны которуу;
4) Электрондук акчаны төлөө;
5) Товарларга жана кызматтарга төлөө;

7.2.2. Жогоруда көрсөтүлгөн пайдалануу максаттарынын тизмеги толук болуп саналбайт жана Банктын Сайтында/ Электрондук капчыкта/Мобилдик тиркемеде тиешелүү маалыматты жайгаштыруу аркылуу бир тараптуу тартипте Банк тарабынан өзгөртүлүшү жана/же толукталышы мүмкүн;

7.3. **Тараптардын укуктары жана милдеттери**
**Банк укуктуу:**

7.3.1. Төмөндөгү учурларда Кардарга операцияларды жүргүзүүдө же тигил же бул Кызматты көрсөтүүдө баш тартууга:
1) Кардардын Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарын, Банктын ички ченемдик документтерин жана ушул келишимди бузгандыгы жөнүндө тастыктаган фактылар болгондо;
2) Эгерде Электрондук капчыктагы калдык операцияларды жүргүзүү жана Банктын, Агенттин тарифтерде каралган комиссияларын төлөө үчүн жетишсиз болсо;

3) Эгерде Кардар тарабынан төлөм жана/же башка реквизиттерди көрсөтүүдө ката кетирилсе;
4) Эгер Кардардын Электрондук капчыгы тигил же бул себептен улам блокировкаланса;
5) Эгер Кардар тарабынан Операция жүргүзүү үчүн керектүү документтердин (реквизиттер) толук комплекти берилбесе;
6) Эгерде Кардар тарабынан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамда каралган Электрондук капчыктын транзакциялары боюнча маалыматтарды каттоо жана тастыктоо үчүн керектүү документтердин (реквизиттер) толук комплекти берилбесе;
7) Операциялар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана/же ушул Келишимдин шарттарына карама-каршы келген учурда;
8) Ушул Келишимде, Банктын ички документтеринде жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

7.3.2. Кардарга Электрондук капчыкты каттоодон баш тартууга
1) Кардарга карата террористтик/экстремисттик ишке жана жапырт кыргын салуучу куралды жайылтууга, кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы жөнүндө маалыматтар болгондо;
2) Эгерде Кардар тарабынан Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосунан өтүү үчүн керектүү документтердин толук комплекти берилбесе;

7.3.3. Аларга карата террористтик/экстремисттик ишке жана жапырт кыргын салуучу куралды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын санкциялык тизмегине киргизилген Кардарга алдын ала кабарлоосуз Электрондук капчыкты кечиктирбей блокировкалоого жана кардардын каражаттарын тоңдурууга;

7.3.4. Эгерде кардарга карата кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катышкандыгы жөнүндө маалыматтар болсо, алдын ала кабарлоосуз Электрондук капчыкты блокировкалоого жана кардардын каражаттарын тоңдурууга;

7.3.5. Идентификациялоо максатында талап кылынган жаңыртылган маалыматтарды же Банк сураган башка маалыматтарды бербеген учурда же Кардардын алдамчылык иш-аракеттерине шектенүү учурунда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда Банктын демилгеси боюнча Кардарга алдын ала кабарлоосуз Электрондук капчыкты жабууга;

7.3.6. Кардардын иш-аракеттери жана/же ишмердиги боюнча талап кылынган маалыматты аныктоо/тактоого чейин зарыл болгон учурда Электрондук капчыкты андан ары блокировкалоо менен Электрондук капчык боюнча Операцияларды жүргүзүүнү токтотууга;

7.3.7. Кардардан операциялар жөнүндө, анын ичинде Электрондук капчыкта акча каражаттарынын келип чыгуу булагын, операцияларды жүргүзүүнүн негизин тастыктаган кошумча маалыматты жана документтерди, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык зарыл болгон башка маалыматты жана документтерди суроого;

7.3.8. Ушул Келишимдин алкагында Тараптардын өз ара аракеттенүүсүндө колдонулган интерфейстерди USSD, мобилдик тиркеме, жеке кабинет ж.б.) жана программалык камсыздоону жаңыртууга жана/же модификациялоого;

7.3.9. Мүмкүн болуучу арзандатуулар, акциялар жана Банктын жана/өнөктөштөрдүн башка кызматтары жөнүндө маалымдоо максатында жарнамалык мүнөздөгү электрондук каттарды, Push кабарлоолорду жана СМС билдирүүлөрдү жөнөтүүгө;

7.3.10. Олуттуу бузуктар, каталар жана үзгүлтүккө учуроолор аныкталганда, ошондой эле жаңыртуу, профилактикалык иштерди жүргүзүү жана санкцияланбаган кирүү учурларын азайтуу максатында ушул Келишимдин алкагында Тараптардын

техникалык өз ара аракеттенүүсүн камсыздаган программалык жана/же аппараттык каражаттардын ишин токтотууга;

7.3.11. Кардардын Электрондук капчыгы бар экендиги, Кыргыз Республикасынын Резидентинин/Резидент эмесинин статусу, колдонуучунун ФАА жөнүндө маалыматты жана Операциянын катышуучусу болгон колдонуучунун башка маалыматтарын төлөм боюнча маалыматтарды; ошондой эле Кардар жана/же анын Электрондук капчыгы боюнча башка маалыматты Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык алдын ала текшерүү максатында башка кардарларга/үчүнчү жактарга берүүгө;

7.3.12. Электрондук акчанын эмитентинин/операторунун функцияларын берген учурда Кардардын жеке маалыматтарын үчүнчү тарапка берүүгө.

7.3.13. Келишимди аткаруу максатында Келишимди түзүүдө же күчүндө болгон мезгилде Кардар жеке өзү же үчүнчү жактар аркылуу берилген Кардардын жеке маалыматтарын ар кандай жол менен иштеп чыгууга;

7.3.14. Эгерде мындай кайтаруу Кардар тарабынан төлөнгөн товарды же кызматты жеткирүүчү тарабынан мүмкүн эмес болсо жана/же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, ушул Келишимдин талаптарынан улам же башка негиздер боюнча мүмкүн эмес болсо, Кардарга доомат боюнча сумманы кайтаруудан баш тартууга;

7.3.15. Банк колдонуучунун күнөөсүнөн улам же этиятсыздыгынан улам үчүнчү жактарга Кардардын Электрондук капчыгын пайдалануу мүмкүнчүлүгү ачыкка чыгарылган учурда үчүнчү жактардын иш-аракеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт;

7.3.16. Эгерде Электрондук капчык боюнча 6 (алты) ай ичинде финансылык операциялар жүргүзүлбөсө жана анда акча каражаттары жок болсо, Банк мындай шарттар башталганда Электрондук капчыкты бир тараптуу тартипте жабууга жана/же блокировкалоого укуктуу;

7.3.17. Кардардын Электрондук капчыгын блокировкалоону жүргүзүүгө:

1) Кардардын демилгеси боюнча;
2) Өзгөртүлгөн жеке маалыматтарын өз убагында бербеген жана кардардын анкетасын өз убагында толтурбаган/ жаңыртпаган учурда;
3) Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдарынын демилгеси боюнча (Электрондук капчыкты блокировкалоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген учурларда жана тартипте жүргүзүлөт);
4) КР мыйзамдарын жана террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешени легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө мыйзамды бузган учурда.

7.4. **Кардардын укуктары:**

7.4.1. Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте Электрондук капчыкты пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө кабарландырууларды, маалыматты, көчүрмөлөрдү алууга;

7.4.2. Ушул Келишимде каралган тартипте жана учурларда Банкка дооматтарды коюуга жана башка арыздарды жөнөтүүгө;

7.4.3. Талаштуу операция боюнча дооматты операциянын деталдарын көрсөтүү менен Банкка жөнөтүүгө. Дооматтар Банктын талаптарына ылайык таризделиши керек;

7.5. **Банк-Эмитенттин милдеттери:**

7.5.1. Кардардын Электрондук капчыгы жана ал боюнча жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө маалыматка башка адамдардын санкцияланбаган жетүү мүмкүндүгүнүн алдын алуу үчүн чараларды көрүү;

7.5.2. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, белгиленген тартиптерге ылайык идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосун жүргүзүүгө.

7.5.3. Ыйгарым укуктуу органдын документтерин алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка учурларда Кардардын Электрондук капчыгын

блокировкалоого / Банктын ыйгарым укуктуу органдын талаптарын аткаруусу максатында Электрондук капчыктын балансынан акча каражаттарын алууга;

7.5.4. Акча каражаттарынын калдыгын камакка алуу жөнүндө ыйгарым укуктуу органдардын тиешелүү түрдө таризделген документтерин алганда, жагдайлар аныкталып жана Кардар ыйгарым укуктуу органдын талаптарын аткарганга чейин Кардардын Электрондук капчыгын блокировкалоого;

7.5.5. Жетиштүү болуп саналган ар кандай каражаттар менен транзакцияларды жүргүзүү учурунда электрондук акча менен транзакцияларды жүргүзүү үчүн системаны жана жабдууну колдонууга болбой турганын Кардарга маалымдоого.

7.5.6. Электрондук акча эмитентинин функцияларын алмаштырганда Банк берүү мөөнөтү башталганга чейин 3 (үч ай) мурун кардарга кабарлайт.

7.5.7. Төлөөгө Электрондук акчаны берген Кардардын Электрондук акчасын төлөөгө.

7.6. **Колдонуучунун милдеттери:**

7.6.1. Ушул Келишимдин шарттарын, КР мыйзамдарынын талаптарын сактоо, өзүнүн милдеттенмелерин жана Банктын талаптарын талаптагыдай аткаруу;

7.6.2. Электрондук капчыкты пайдаланууда жеке маалыматтардын коопсуздугу жана сактоо эрежелерин сактоо.

7.6.3. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, белгиленген тартиптерге ылайык идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосунан өтүү.

7.6.4. Тиешелүү келишимдерди түзүүсүз ишкердик ишти жүргүзүү менен байланыштуу операцияларды жүргүзбөө;

7.6.5. Банкка ишенимдүү маалыматты жана жеке маалыматтарды берүү;

7.6.6. Банктын суроо-талабы боюнча кардардын анкетасын өз убагында жаңыртууга;

7.6.7. Өзүнүн жеке маалыматтарынын, ошондой эле Электрондук капчыкты пайдалануу процессинде алынган, ПИН жана паролдун сакталышына түз же кыйыр таасир тийгизиши мүмкүн болгон башка маалыматтын сакталышы үчүн жоопкерчилик тартууга;

7.6.8. Жеке маалыматтар, реквизиттер жана Идентификациялоо үчүн берилген документтердеги маалыматтар, кабарландырууларды жөнөтүү үчүн маалыматтар өзгөргөн учурда Банкка өз убагында маалымдоого.

7.6.9. Үчүнчү жактардын мобилдик тиркемени/электрондук капчыкты пайдалануусуна жол бербөөгө.

7.6.10. Колдонуучунун өзү, ошондой эле аларга мобилдик тиркемеге/электрондук капчыкка тоскоолдуксуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүнүн жыйынтыгында үчүнчү жактар тарабынан Банкка келтирген зыянды толук көлөмдө ордун толтурууга.

7.7. **Наркы жана төлөө тартиби**

7.7.1. Кардар менен эсептешүүлөр Кыргыз Республикасынын улуттук валютасы – сом менен жүргүзүлөт;

7.7.2. Банк Кардардан комиссия алууга укуктуу. Комиссиянын өлчөмү, аларды төлөө негиздери, шарттары жана учуру мобилдик тиркемеде, ошондой эле төлөмдү жүргүзүү учурунда көрсөтүлгөн;

7.7.3. Комиссия Операциянын суммасына карата кошумча алынышы мүмкүн (Операциянын суммасына киргизилбейт жана Операциянын суммасын азайтпайт) же Операциянын суммасынан алынышы мүмкүн. Комиссияны колдонуу ыкмасы Кызматтын түрүнөн көз каранды болот;

7.7.4. Эгерде Кардар комиссия менен макул болбосо – ал төлөөгө буйруу түзүүдөн баш тартышы керек, мында Кардардын ага жана/же үчүнчү жактарга бул негиздер боюнча Электрондук капчыкты пайдалануунун мүмкүн эместигине байланыштуу кандайдын бир чыгашалардын ордун толтурууну талап кылууга укугу жок. Кардар колдонуучунун мобилдик тиркемесинде жүргүзүлгөн Электрондук капчыкты пайдалануунун жоопкерчилигин жана бардык кесепеттерин өзүнө алат. Берилгендерге байланыштуу, колдонуучу жаңылыш төлөм жүргүзгөн учурда,

кызмат талаптагыдай көрсөтүлдү деп эсептелет жана алынган тарифтин суммасы кайтарылбайт;

7.7.5. Банк Тарифтерди бир тараптуу тартипте толук же жарым-жартылай өзгөртүүгө (жогорулатууга, азайтууга), жаңысын белгилөөгө, учурдагыны жокко чыгарууга укуктуу. Мында жаңы өзгөртүүлөр Банктын сайтында аталган өзгөртүүлөрдү жарыялаган күндөн тартып күчүнө кирет;

7.7.6. Банкка анын талабы боюнча маалыматты, ошондой эле Электрондук капчыктагы акча каражаттарынын келип чыккан булагын, операцияларды жүргүзүү негизин тастыктаган документтерди өз убагында берүүгө;

7.7.7. Кардар Банкка ушул Келишимди аткаруу максатында ушул Келишимди түзүүдө же күчүндө болгон мезгилде Кардар жеке өзү же үчүнчү жактар аркылуу берген Кардардын жеке маалыматтарын ар кандай жол менен иштеп чыгууга, ошондой эле ушул келишимде каралган максаттарда, тартипте жана шарттарда бул маалыматтарды үчүнчү жактарга берүүгө макулдук берет. Бул макулдук ушул Келишимдин колдонуу мөөнөтү ичинде күчүндө болот жана ушул Келишимди бузуу аркылуу Кардар тарабынан артка чакыртылып алынышы мүмкүн;

7.7.8. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана Банктын жол-жоболорунда каралган тартипте өзүнүн маалыматтарын өзгөртүүгө суроо-талап менен Банктын бөлүмүнө кайрылууга;

7.7.9. ПИН же паролду жоготкон, Электрондук капчыкка санкцияланбаган пайдалануу мүмкүнчүлүгү жөнүндө шектенүүлөр жаралган учурда, Кардар жазуу жүзүндөгү, электрондук же оозеки формада тиешелүү арыз менен Банкка дароо кайрылууга милдеттүү;

7.7.10. Ушул Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка милдеттенмелерди аткарууга.

7.8. Кардар төлөөгө буйрууну тариздөөнүн, Төлөмдү жүргүзүү үчүн зарыл болгон реквизиттерди көрсөтүүнүн тууралыгы үчүн толук жана шартсыз жоопкерчилик тартат.

7.9. Кардар анын абоненттик номери аркылуу, ошондой эле абоненттик түзүлүштөрдө орнотулган тиркемелердин жана программалардын жардамы менен же мобилдик тиркемедеги анын идентификациялык/авторизациялык маалыматтарынын жардамы менен колдонуучунун атынан жүргүзүлгөн үчүнчү жактардын ар кандай иш-аракеттери үчүн тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти тартат.

## 8. БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖЕКЕ БАНКТЫК УЯЧАЛАРДА (СЕЙФТЕРДЕ) САКТОО

8.1. Кардар өз колу менен кол койгон Баалуулуктарды сактоого арыздын негизинде Банк Кардарга убактылуу пайдаланууга жеке банктык уячаны (мындан ары – Сейф) берет, ал эми Кардар Сейфти пайдаланууга жана Банкка ушул Келишимде каралган шарттарда Банктын тарифтеринде каралган өлчөмдө жана тартипте акы төлөөгө милдеттенет.

8.2. **Сейфти пайдалануу тартиби жана шарттары**

8.2.1. Кардардын Сейфти пайдалануу мүмкүнчүлүгү Сейфтин ачкычын, Кардардын өздүгүн күбөлөндүргөн документти көрсөткөндөн, ал эми өкүлчүлүк учурларында – Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарында белгиленген формада Ишеним катты кошумча бергенден кийин гана жол берилет.

8.2.2. Эгерде Кардардын, анын ишенимдүү адамдарынын, бенефициардык ээсинин операциялары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык шектүү операциялардын белгилерине кабылса, Банк бул адамдардан террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максаттарында алардын операцияларына мониторинг жүргүзүү үчүн

банкка зарыл болгон ар кандай документтерди жана маалыматтарды берүүнү талап кылууга укуктуу.

8.2.3. Кардар документтердин толук эмес пакетин бергенде же аларда кардарды жана анын ишенимдүү адамдарын (алар болгондо) идентификациялоо жана верификациялоо мүмкүнчүлүгүн бербеген туура эмес маалыматтар болгондо, ошондой эле алардын террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) катыштыгы бар экендиги тууралуу маалымат болгон учурда, Банк баалуулуктарды сейфти берүүдө кардарга баш тартууга укуктуу.

8.2.4. Кардар Сейфти пайдалануу максатында Банкка ар бир келгенде Банк ар күндүк каттоо журналына Сейфти пайдаланууга байланыштуу бардык кыймылдарды, анын ичинде Кардардын сейф сактоочу жайына/жайынан кирүү жана чыгуу убактысын жазууну киргизет.

8.2.5. Кардар Сейфти сактоого тыюу салынган төмөндөгү буюмдар үчүн пайдаланбоого милдеттенет:

1) оңой тутануучу, уулуу, радиоактивдүү жана адамдын организмине жана айлана чөйрөгө терс таасирин тийгизе турган башка заттар, тамак-аш азыктары жана бузулуп кетүүчү жана мителерди чакыруучу башка буюмдар;
2) ок атылуучу куралдардын бардык түрлөрү жана алардын ок-дарылары, атылбас куралдар, жарылуучу заттар (жардыруу түзүлүштөрү), анын ичинде массалык талкалоого пайдаланыла турган илимий-техникалык технологиялар жана жабдуулар;
3) баңги жана психотроптук заттар, ошондой эле аларды колдонуу үчүн буюмдар;
4) күчтүү таасир этүүчү уулар;
5) Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жарандык пайдалануудан алынып салынган же мамлекеттик чек ара аркылуу чыгарууга/киргизүүгө тыюу салынган башка буюмдар.

8.2.6. Кардар сейфтеги баалуулуктардын сакталышын камсыздоо максатында сейф сактоочу жайы Банкта колдонулган коопсуздук системаларынын түрлөрү, анын ичинде видеобайкоо жүргүзүү менен камсыздалганы жөнүндө эскертилген.

8.2.7. Эгерде кардардын сейфте сакталган баалуулуктар менен иштөө зонасы видеобайкоо зонасына кабылса, Кардарга бул тууралуу эскертилген жана макул.

8.2.8. Банк Кардардын Банктын Сейфинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен сактоого тыюу салынган жана/же жарандык жүгүртүүдөн алынган буюмдарды сактагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.2.9. Банк Сейфке салынган Буюмдардын саны жана сапаты боюнча материалдык жана/же башка жоопкерчилик тартпайт жана алардын наркын баалоону, форс-мажор жагдайлардын кесепетинде баасындагы өзгөрүүлөрдүн же жоготуунун кесепетинде бул наркы азайтууну жүргүзбөйт.

8.2.10. Банк киргизилген өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду эске алуу менен 11.02.2010-жылдагы КР ИИМ жана КР УБ №97/24-0 Буйругуна ылайык Кардар Сейфке салган Буюмдарды коопсуз сактоо үчүн шарттарды камсыздайт.

8.3. **Төлөө жана күрөө.**

8.3.1. Төлөө Кардар тарабынан Тараптар ушул Келишимди түзгөндөн кийин кийинки жумуш күнүнөн кеч эмес, ай сайын же квартал/жарым жыл/бир жыл үчүн бирдиктүү төлөм менен жүргүзүлөт.

Төлөө суммасы ушул Келишимдин бүтүндөй колдонуу мөөнөтүнө карата эсептелет жана Кардардын Сейфти иш жүзүндө пайдалануусунан же пайдаланбагандыгынан көз каранды болбойт.

8.3.2. Кардар Банктын расмий сайтында Банктын Тарифтеринде көрсөтүлгөн сумманы камсыздоо катары Банкта камсыздоо суммасы (мындан ары – Күрөө) катары депонирлөөгө тийиш.

8.3.3. Банктын алдындагы Кардардын карызына же Банктын ар кандай укуктарына же талаптарына каршы Банк Кардарга карызды толук төлөгөнгө чейин Сейфке пайдалануу мүмкүнчүлүгүнөн баш тарта алат.

8.4. **Сейфтин ачкычтары**

8.4.1. Сейфти пайдалануу үчүн Банк Кардарга кол койдуруу менен Сейфтин бир ачкычын берет. Кардар ар бир пайдалануудан кийин Сейфтин кулпусунан ачкычты чыгарууга милдеттүү.

8.4.2. Банктык сейфти пайдалануу үчүн төлөө боюнча Банктын алдында Кардардын карызы жок болгон шартта, ушул Келишим Банк же Кардар тарабынан бузулган учурда Кардар ачкычты Банкка кайтарып берет, ал эми Банк Күрөө суммасын кайтарып берет. Мындай карыз болгондо Банк банктык сейфти пайдалануу үчүн төлөө боюнча карыздын суммасын алуу менен Күрөө суммасын Кардарга кайтарып берет.

8.4.3. Ачкычты жоготкон учурда, Кардарга ушул Келишимдин 8.3.2-пунктунда көрсөтүлгөн Күрөө кайтарылбайт. Мындай Кардар Банктын Тарифтеринде көрсөтүлгөн кулпунун наркын калыбына келтирүүгө милдеттүү. Кулпунун наркы Күрөө суммасы менен жабылат, Күрөө суммасы жетишсиз болгондо келип чыккан айырманы Кардар Банкка ордун толтурууга милдеттүү.

8.4.4. Банк Кардардын ачкычты жоготкону үчүн жана мунун кесепети катары Сейфке салынган Буюмду жоготуу же бузуу үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.4.5. Ачкычты(тарды) жоготкон, уурдаткан же башкача жок кылынган учурда, Кардар болгон окуя жөнүндө жазуу жүзүндө Банкка дароо кабарлоого милдеттенет. Сейф уячасын ишенимдүү адам колдонгон учурда дагы, эгерде ишеним катта башкача белгиленбесе, Кардардын өзүнөн арыз талап кылынат.

Банк болгон окуя жөнүндө Кардар кабарлабоонун жана/же өз убагында эмес кабарлоонун кесепетинде Кардарга келтирилген чыгаша үчүн жоопкерчилик тартпайт.

8.4.6. Кардар ачкычты(тарды) жоготкон учурда Банк Кардардын арызы боюнча жана анын катышуусунда Сейфтин кулпусун ачуу жана андан ары оңдоо жана/же алмаштыруу боюнча бардык чыгашаларды Кардарга жүктөө менен, Сейфтин кулпусун бузуу аркылуу Сейфти ачууга укуктуу. Сейфке, кулпуга же ачкычтарга байланыштуу бардык иштер Банк дайындаган адам тарабынан гана жүргүзүлөт.

8.4.7. Кардар муну менен Сейфтин ачкычынын жуп нускасын жасабоо жана Кардардын өкүлдөрү болбогон үчүнчү жактарга бербөө жоопкерчилигин өзүнө алат.

8.4.8. Банк кулпуну алмаштыруу жана/же оңдоо боюнча сумманы Күрөө суммасынан акцептсиз тартипте кармап калууга укуктуу, ал эми Күрөө суммасы жетишсиз болгон учурда Кардар жетпеген сумманы Банктын кассасына накталай салууга милдеттүү. Мында Сейфтин жаңы (оңдолгон жана/же алмаштырылган) ачкычтары ушул Келишимдин 8.3.2-пунктунда көрсөтүлгөн баштапкы деңгээлге чейин Күрөөгө толуктагандан кийин гана Кардарга берилет.

Болбосо Банк Кардарга карызды толук төлөгөнгө чейин Сейфти пайдаланууну тыюу салууга жана ушул Келишимдин 8.4.5-8.4.8-пункттарында белгиленген жобону колдонууга укуктуу.

8.5. **Өкүлдөр (Ишенимдүү адамдар)**

8.5.1. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык таризделген жана күбөлөндүрүлгөн Ишеним катты Банкка бергенде Кардардын Сейфин пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон өзүнүн өкүлү катары бирден көп эмес адамды дайындай алат.

Кардардан жана/же анын ыйгарым укуктуу өкүлүнөн тышкары эч кимдин Сейф жайгашкан орун жайга кирүүгө жана/же Сейфти ачууга укугу жок.

8.5.2. Кардар берген ишеним кат төмөндөгү учурларда күчүн жоготот:

1) Кардар берилген ишеним катты жокко чыгарган учурда;

2) Анын наамына ишеним кат берилген өкүл берилген ишеним кат боюнча ыйгарым укуктарынан баш тарткан учурда;
3) Кардар каза болгон, аны аракетке жөндөмсүз, чектелүү аракетке жөндөмдүү же дайынсыз жок деп таануу учурунда;
4) Анын наамына ишеним кат берилген өкүл каза болгон, аны аракетке жөндөмсүз, чектелүү аракетке жөндөмдүү же дайынсыз жок деп таануу учурунда;
5) Ишеним каттын колдонуу мөөнөтү аяктаганда.

8.5.3. Мында Банк үчүн ишеним кат Банк Кардар (8.5.2-берененин 1) жана 2) пункттары) жана/же тиешелүү адам жана/же мамлекеттик же башка орган (8.5.2-берененин 3) жана 4) пункттары) тарабынан жазуу жүзүндө кабарланганга чейин, бирок ал берилген мөөнөттөн көп эмес жарактуу деп эсептелет.

8.5.4. Өкүлгө ишеним кат Кардар тарабынан берилиши мүмкүн жана башка Кардардын кошумча макулдугу жана кол тамгасы жок юридикалык жарактуу болуп саналат.

8.5.5. Банк ушул Келишимдин 8.5.2-беренесинде көрсөтүлгөн ишеним каттын күчүн мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө өз убагында эмес жана/же талаптагыдай эмес билдирүүнүн кесепетинде болгон зыян үчүн Кардардын жана/же үчүнчү жактардын алдында жоопкерчилик тартпайт.

8.5.6. Сейфти пайдалануу боюнча ушул Шарттардын тартиби жана шарттары Кардардын өкүлдөрү үчүн колдонулат жана милдеттүү.

8.6. **Салынган буюмдарды мурастоо.**

8.6.1. Кардар каза болгон учурда Сейфтен Салынган буюмдар тиешелүү документтерди бергенде мурасты аткаруучуга/мурасты башкаруучуга, Мурас укугу жөнүндө күбөлүктүн же Мурасталган мүлктү бөлүү жөнүндө күбөлүктүн же Кыргыз Республикасынын сотунун тиешелүү чечиминин негизинде мураскорго/лорго берилет.

8.7. **Башка шарттар.**

8.7.1. Кардардын Сейфти үчүнчү жактарга субижарага берүүгө укугу жок.

8.7.2. Банк Кардардын Сейфине бул органдардын кызматкерлерине кирүү мүмкүндүгүн берген, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык чыгарылган сот актысына, тергөө органдарынын токтомуна баш ийет. Мындай учурларда Банк Кардарга мындай иш-аракеттер жөнүндө дароо кабарлайт.

8.7.3. Кардар ушул Келишимде, ошондой эле Ишеним катта көрсөтүлгөн анын дареги, ыйгарым укуктуу өкүлүнүн дареги анын юридикалык дареги экенине макул. Бул даректерге жөнөтүлгөн бардык жазуу жүзүндөгү эскертүүлөр жана билдирүүлөр талаптагыдай берилди деп эсептелет.

8.7.4. Банк өзүнүн каалоосу боюнча, бирок жылына бир жолудан көп эмес Сейфти пайдалануу үчүн төлөмдүн ченине өзгөртүүлөрдү киргизе алат.

## 9. КЕЛИШИМДИН КОЛДОНУУ МӨӨНӨТҮ ЖАНА КЕЛИШИМДИ БУЗУУ ТАРТИБИ

9.1. Келишим аны түзгөн учурдан тартып күчүнө кирет жана жеке банктык уячаларда баалуулуктарды сактоо кызматынан тышкары, чектөөсүз күчүндө болот.

9.2. Келишимди токтотуу үчүн негиз болуп Банк белгиленген форма боюнча Кардардын жазуу жүзүндөгү арызы саналат.

9.3. Банк кардар ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбаганда Кардарга тиешелүү жазуу жүзүндөгү билдирүү жөнөтүү аркылуу бир тараптуу тартипте ушул келишимди бузууга укуктуу, Банк кайтарылбаган Карттарды блокировкалайт жана Кардардын эсебинен блокировкалоо үчүн Банктын Тарифтерине ылайык сый акыны алат.

9.4. Кардар ушул Келишим боюнча Банк менен толук эсептешүү жана Сейфтин ачкычтарын кайтаруу шартында, Келишимди бузуунун болжолдонгон күнүнө чейин 30 күн мурда Банкка бул тууралуу жазуу жүзүндө кабарлап, каалаган убакта

Келишимди бузууга укуктуу. Ал эми Кардардын Банктын алдында карызы жок болгон учурда аванс менен салынган төлөм кайтарылбайт.

9.5. Эгерде Кардар ушул Келишимди бузган күндөн тартып 10 күн ичинде сейфтин ачкычын Банкка кайтарып бербесе, Банк өзүнүн кароосу боюнча ушул Келишимде жана колдонуудагы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган иш-аракеттерди жүргүзөт.

Кардар Сейфти пайдалануу үчүн кызматка төлөө жана башка төлөмдөр боюнча карызды төлөбөгөн күндөн тартып 10 күн өткөндөн кийин Кардар сейфти ачуу жана салынган буюмдарды алуу мүмкүндүгү жөнүндө кат (жеткирүү жөнүндө кабарлоо) менен кабарланат. Катты алган учурдан тартып 10 күн өткөндөн кийин Кардар тарабынан карызды төлөөгө багытталган кандайдыр бир иш-аракеттер жок болгон учурда, Банк Банкта каралган жол-жоболорго ылайык, Кардардын катышуусу жок бузуу аркылуу Сейфти ачууга, Салынган буюмга мөөр басып, аны Банктын атайын бөлүнгөн сактоочу жайында сактоого укуктуу.

Сейф уячасынын ичиндеги сүрөттөлөт, пакетке салынат, мөөр басылат жана Банктын сактоочу жайында сакталат.

